ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КР УИАнын Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСИТУТУ**

**Д 10.11.029 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда

**УДК:** 8:89:894:3:8
94:.341:808:04

**ТАШТЕМИРОВА РАЙХАН ИСМАИЛОВНА**

# КЫРГЫЗ, ТҮРК ПРОЗАСЫНДАГЫ НРАВАЛУУЛУК МАСЕЛЕСИНИН КӨРКӨМ ИЛИКТЕНИШИ: ЖАЛПЫЛЫКТАР ЖАНА АЙЫРМАЧЫЛЫКТАР (XX к., 30-80-жж.)

Адистиги: 10.01.01 – кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты окумуштулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2013**



Диссертациялык иш К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз адабияты кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** филология илимдеринин доктору, доцент **Искендерова Суусар**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор **Садыков Абдыкадыр**

филология илимдеринин кандидаты, профессор **Жумаев Мырзабек Көчөрбаевич**

**Жетектөөчү мекеме:** Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасы (715600, Жалал-Абад ш., Ленин көч., 57).

Диссертациялык иш 2013-жылдын 26-апрелинде, саат 15.00 дө Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтундагы филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.11.029 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. **Дареги:** 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 а.

Диссертация менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот. **Дареги**: 720071 Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 547

Автореферат 2013-жылдын 26- мартында таратылды

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, филология илимдеринин кандидаты, доцент** **Кадырмамбетова А.**

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Адамзаттын рухий дүйнөсү техникалык прогресстин улам алга карай өнүгүп-өскөндүгү менен анын таасири алдында калып ал өзү ойлоп тапкан техникалык каражаттардын туткуну болуп, ага берилген ойлоо жөндөмдүүлүгүн да ошол техникалык каражаттарга (компьютер, робот ж.б.) «жеңдирип» коюу коркунучунун алдында турат. Мындай учурда адамдын адамдыгы, ошондой эле анын нравалык бийиктигин сактап калуу зарыл. Ал жан дүйнө, ыйман, дилдин тазалыгы, абийир, ар-намыс, чынчылдык, адамгерчилик, билимдүүлүк, маданияттуулук жана адептүүлүк, сапаттары бир бүтүндүккө бириккенде гана болот. Бирок ага карама-каршы түркөйлүк, жан дүйнө ыпластыгы, ташбоорлук, мерездик, адепсиздик, ыймансыздык ар дайым адамдын Адам болуусуна тоскоолдук кылып келет. Ал эми көркөм адабиятта, искусстводо көркөм өнөр чеберлери ошол оң жана терс көрүнүштөрдүн күрөшүн чагылдыруу менен дайыма эскертип турат. Демек, нравалуулук маселесине жана анын көркөм чыгармадагы чагылдырылыш өзгөчөлүктөрүнө илимий изилдөө жүргүзүү олуттуу мүнөзгө ээ.

Адабиятчы-окумуштуулар нравалуулук маселеси жөнүндө изилдеген темага байланыштуу көп эле сөз кылып келишет. Ал эми. кыргыз адабиятында нравалуулук маселесинин көркөм иликтенишин негизги тема кылып окумуштуулар С. Байгазиев менен С. Искендерова кайрылгандыгын көрдүк. Ошондой эле боордош, тектеш элдердин адабияты менен кыргыз адабиятын бир алкакта карап, түрк элдерине тарыхый орток мүнөздүү болгон көчмөндүк цивилизациясынын таасириндеги алардагы жалпылыкты жана өздөрүнө гана мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрүн карап чыгуу, түрк элдер адабиятын салыштырып, илимий жактан изилдөө актуалдуу маселелерден болуп саналат.

**Диссертациянын темасынынын негизги илимий изилдөө иштер менен болгон байланышы**. К. Карасаев атындагы БГУнун кыргыз адабияты кафедрасынын жана түркология кафедрасынын илим изилдөө иштеринин тематикалык пландарына туура келет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдети.** Кыргыз, түрк адабиятынын көрүнүктүү жазуучулары Ө. Даникеев, М. Гапаров, А. Стамов, Р. Н. Гүнтекин, Я. Кемалдын прозалык чыгармаларындагы нравалуулук маселесинин көркөм иликтенишин изилдөө, андагы жалпылык жана жекеликтерди мисалдар аркылуу көрсөтүү болуп саналат. Ушул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлду:

– нравалуулук маселесинин философиядагы жана көркөм адабияттагы ордун аныктоо;

– кыргыз жана түрк прозасындагы нравалуулук маселесинин көркөм иликтениш тарыхын изилдөө;

– кыргыз жана түрк прозалык чыгармаларындагы (Ө. Даникеев, М. Гапаров, А. Стамов, Р. Н. Гүнтекин, Я. Кемаль) нравлуулук маселесинин көркөм чагылдырылышын илимий талдоого алуу;

– кыргыз жана түрк прозалык чыгармаларындагы нравалуулук маселесин көркөм иликтөөдөгү ыкма жана каражаттарындын жалпылык менен жекелик жактарын аныктоо;

**Изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы**. Кыргыз прозасындагы нравалуулук маселесинин постсоветтик мезгилде эркин, саясий-идеологиялык чектөөлөрдөн сырткары объективдүү илимий позициядан туруп иликтенди.

Кыргыз прозасы менен түрк прозасындагы нравалык маселелердин көркөм иштелиши салыштырылып талдоого алынды.

Ошондой эле көрсөтүлгөн авторлордун нравалуулук маселесин көркөм иликтөөдөгү идеясын, көркөмдүк табылгаларын, аны ишке ашырууда турмуш чындыгын көркөм чындыкка айландырууда кандай формаларды, каражаттарды колдонгондугуна, жана нравалуулук маселесиндеги жекеликтер менен катар айрым жалпылыктарга илимий анализ жүргүзүлдү.

**Илимий иштин практикалык балуулугу.** Изилдөөнүн жүрүшүнөн чыгарылган жыйынтыктар нравалуулук маселесин көркөм чыгармадагы ордун, тектеш тилдердеги адабий көз караштардын жалпылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн карап чыгуу мүмкүнчүлүктөрүн аныктады. Көркөм адабияттагы нравалуулук маселесинин негизги касиетин аныктоочу мазмундук, мотивдик өзгөчөлүгүн классификациялоодо, бул маселе боюнча аныктама-мүнөздөмөлөрдү берүүдө, филологиялык, философиялык окутууларда, кыргыз-түрк адабиятын окутууда пайдаланса болот. Жогорку окуу жайлардагы түркологиялык окууларда, тектеш адабияттарды салыштырып кароодо көмөкчүлүк милдетти аткарат.

**Коргоого сунуш кылынган жоболор:**

1. Нравалуулук маселеси көркөм өнөрдүн түбөлүктүү темаларынын бири катары кыргыз жана түрк оозеки чыгармачылыгында, профессионалдык адабиятында дайыма иштелип келген маселелерден болуп саналат. Социалдык-экономикалык, маданий-эстетикалык жаңылануулардын доору болгон XX кылым кыргыз жана түрк адабияттарында нравалуулук маселесинин жаңы өңүттөн иштелишине өбөлгө түзгөн. Натыйжада, бири-биринен ыраак, эки башка коомдук түзүлүштө өмүр сүргөн түбү бир эки элдин жазуучулары жараткан чыгармалардагы жалпылыктар менен өзгөчөлүктөрдү илимий жактан талдоого алуу зарылчылыгы келип чыгат.

2. Кыргыз жана түрк жазуучуларынынын прозалык чыгармаларында нравалуулук маселесинин иштелишиндеги айырмачылыктар бир тектүү эки элдин коомдук өнүгүшүнүн айырмаланып турушу менен шартташкан. Түркия элинин XX кылымдын 30-жылдарындагы коомдук саясий-маданий өзгөрүүлөрү адабиятта нравалуулук маселесининин курч жана терең иштелишине алып келген.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

Кыргыз прозасында болсо мындай көрүнүштөр XX кылымдын 60-70-жылдарына туура келет.

3. Кыргыз жазуучулары менен түрк жазуучуларында чыгарма жаратуу, чыгарманын сюжеттик-композициялык курамын түзүү, көркөм каражаттарды колдонуу, образдардын мүнөзүн ачуу менен нравлуулук маселесин талкуулоодогу автордук позиция өңүтүнөн алганда жалпылыктар арбын. Ал жалпылыктардын түбү бир, орток маданий тажырыйбага ээ элдердин жазуучуларынын чыгармачылыгында орун алуусун табигый көрүнүш, же болбосо тарыхый-генетикалак кубулуш катары аныктоого болот. Ал эми айрым окшоштуктарды эки өлкөдө тең кайталанган бири-бирине жакын коомдук-саясий, тарыхый-маданияттык абалдын, кырдаалдын туундусу болгон адабий-параллелдүүлүк катары бааласа болот.

4. Адабий-теориялык жактан алганда, тектеш элдердин адабияттарын салыштырып изилдөө, айрыкча, түпкүлүгү бир, бирок социалдык, саясий шарттардан улам бири-биринен оолактап, тарыхый өнүгүүнүн эки башка жолуна түшкөн, ошентсе да, улуттук-психологиялык өзгөчөлүктүн негизинде жалпы көрүнүштөрдү сактап калган элдердин адабияттарын салыштырма планда талдоонун методологиялык негиздерин иштеп чыгуу зарыл экендиги байкалды.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык иштеги илимий жаңылыктар, тыянактар изденүүчүнүн жеке талдоолорунун, иликтөөлөрүнүн жыйынтыгы болуп саналат.

**Иштин апробациясы.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары БГУнун, КМПУнун илимий-практикалык конференцияларында жасалган билдирүүлөрдө талкууланган жана чагылдырылган. БГУнун кыргыз адабияты кафедрасында талкууланып, коргоого сунуш кылынган.

**Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизин** нравалуулук маселесин көркөм иликтөөнүн теориялык жана практикалык принциптерин негиздеген философ жана адабиятчы окумуштуулардын эмгектери түздү. Атап айтканда, Г. Л. Гегель, В. Г. Белинский, Г. Белая, Г. Д. Гачев, П. П. Гайденко, Н. А. Гуляев, Л. О. Гинзбург, Инжи Енгүнүн, М. Каплан, Р. Коркмаз жана кыргыз окумуштуулары К. Асаналиев, М. Борбугулов, К. Бобулов, С. Жигитов, А. Садыков, К. Артыкбаев, А. Эркебаев, С. Байгазиев, Ч. Т. Жолдошева, А. Акматалиев, О. Ибраимов, Л. Үкүбаева, И. Лайлиева, В. И. Шаповалов, М. А. Рудов, А. Мусаев, К. Даутов, С. Кармышаков, С. Искендерова ж. б. эмгектери пайдаланылды.

**Иштин түзүлүшү** киришүүдөн, эки главадан, корутунду жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, негизги максаты, милдеттери, илимий жаңылыгы, практикалык баалуулугу, коргоого алынып чыгуучу жоболор, изилдөөдө колдонулган методдор жана иштин апробацияланышы жөнүндөгү жалпы маалытаттар берилет.

“**Кыргыз жана түрк прозасындагы нравалуулук маселесинин көркөм иликтениш тарыхынан”** деп аталган биринчи глава үч параграфтан турат.

**I.1. Нравалуулук жана көркөм адабияттын карым-катышынын илимий теориялык негизде изилдениши.** Бул параграфта нравлуулук маселесин аныктоодо маанилүү орунга ээ болгон теориялык түшүнүктөргө, философтордун жана адабиятчылардын ойлоруна, көз караштарына таянуу менен анын негизги функциялары жөнүндө теориялык негиздерге байланыштуу маселелер илимий-теориялык планда сыпаттоого алынды. Айрыкча, нравалуулук маселеси жана искусство менен адабияттагы аны чагылдыруу, ага карата адабиятчы-окумуштуулардын илимий изилдөөлөрү 70-80-жылдары арбын экендигине күбө болдук [95, 96, 98, 100, 109, 112, 114, 115, 116, 117, 118, 120].

**I.2. Нравалуулук маселесинин кыргыз жана түрк прозасындагы көркөм иликтениш эволюциясы.** Көчмөндүк цивилизациянын мүнөздүү белгилеринин бири болгон оозеки чыгармачылык кыргыз элинин да түрк элинин да прозасына башат катары кызмат кылгандыктан, эки элдин тең оозеки чыгармаларындагы адеп-ахлак маселесинин чагылдырылышы жөнүндө да айтып кеттик.

Элдик оозеки чыгармаларында кыргыз элинин ар түрдүү тарыхый кырдаалдардагы башынан өткөргөн турмушу, көз карашы, маданий абалы, башка калктар менен болгон мамилеси, салты жана келечекке карата болгон тилеги жана эр жүрөктүүлүк, баатырдык, патриоттуулук, эл-жерди сүйүү, адамды сүйүү, адамды баалоо, жашоону сүйүү өңдөнгөн бийик ыймандык, адеп-ахлактык нормалар жогорку көркөмдүк деңгээлде чагылдырылат.

Кыргыз эпикалык чыгармаларында аялдар маселесине тээ илгертен эле демократиялуу мамиле жасаганы көрүнүп турат. Ага Каныкей, Айчүрөк, баш болуп, Жаңыл Мырза, Кыз Сайкалдардын образында нарк-насилди туу туткан, аялдык-зайыптык адеп-ахлактын эң бийик үлгүсү баяндалат. .

Ал эми «Кожожаш» эпосунда бүгүнкү күндүн да актуалдуу маселеси болгон нравалык проблемалар козголот. Адам ↔ жаратылыш эки тараптуу тыгыз байланышта болуп, жаратылышка аяр мамиле жасоо талабы адам адеп-ахлагынын негизги нормаларынын бири болуп, эзелтеден ар бир доордун чыгаан өнөр адамдары тарабынан көркөм иштелип келген.

Түрк прозасынын да башаты оозеки чыгармачылыктан башталат. Жомоктор, жөө жомоктор, уламыштар, элдик ырлар, дидактикалык чыгармалар табышмактар, жаңылмачтар, макалдар, лакаптар ж.б. түрк элинин оозеки чыгармачылыгында да өнүккөн түрлөрдөн. Алардын айрымдарына токтолсок, “Коркут ата китебинде” мындай айтылат: “Коногу келбеген кара үйлөр кыйраганы ийги (жакшы), же, “Ата наамын улантпаган осол бала ата белинен чыккыча чыкпаганы ийги. Ата наамын улаганга дөөлөттүү уул ийги. Жаман

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

уулдун төрөлгөнчө төрөлбөй коюусу адамзатты көп жамандыктан сактары жөнүндөгү идея Ч.Айтматовдун “Кассандра тамгасындагы” айтылат эмеспи. Демек, нравасы бийик адамдардын болушун тилек кылуу да эзелтен келаткан негизги маселелерден тура..

Ал эми ал аял затынын адеби боюнча буларды айткан: “Аялдардын төрт түрү бар: Бирөө- соолуган соп, бири—толтурган топ. Бирөө-үйдүн таянагы, бирөө - канча айтсаң да баягы. Үйдүн таянагы болгону ошо – талаа-түздөн үйгө бир конок келсе, үйдө эркек жок болсо да, аны жедирип-ичирип, сый-сыпаттап аткарат. Очогуңа бул өңдүү аялдан келсин. Ал эми “соолуган соп”, “толтурган топ”, “бирөө канча айтсаң да баягы” дегендеринде аялдардагы терс сапаттарды: ушакчы, айылчы, жалкоо, шалаакы, жеңил ж.б сүрөттөп, ал эми үйдүн таянагы аял адебинин үлгүсү экендиги айтылат. [Байыркы доордон азыркыга чейинки Түркия түрк адабияты. – Анкара, - 2003. - 3-б.] Демек, мындан улам, кыргыз жана түрк элдеринин прозасынын негизги булагы оозеки чыгармачылы экендигине ушул маселелер эле күбө болот.

Ал эми түрк прозасынын калыптаныш тарыхына келсек, алардын жазуу иштеринин Осмон дөөлөтүнө байланыштуу тарыхый шарттарга жараша эрте жолго түшкөндүгүн көрүүгө болот. XV кылымдын 1465-жылдарында Ахмед Бижандын “Енвар үн ашыкин” аттуу китеби жөнөкөй тилде жагымдуу ыкма менен жазылып, көпчүлүк тарабынан кызыгып окулган китеп болуп саналат. Кара сөз менен жазылган бул китепте пайгамбар душмандар тарабынан жараланып калса да: “Кудайым! Менин калкыма Сен туура жолду көрсөт, алар мени билишпейт, ошондуктан менин пайгамбарлыгымды кабыл албай жатышат”– деп, аларга кудайдан ырайым сурайт. [Байыркы доордон азыркыга чейинки Түркия түрк адабияты. – Анкара. - т 2003. - 92-б.] Демек, мында автор пайгамбардын жакшылык таратуучу экенин, ошол эле учурда адамдарды таза ыйман, бийик нравага өзүндөгү бийик адамгерчилик менен чакыргандыгы жөнүндө айтылат. XV, XVI, XVII кылымдардагы прозалык чыгармалар ислам дининин таралышындагы окуяларга арналган. Ошондой эле Осмон халифатынын бийлигинин жүргүзүлүшү жана андагы тарыхый инсандар чагылдырылган. Бирок ал мезгилдеги чыгармалардын көркөмдүүлүгү аксап, тарыхый адабият сыяктуу жөн гана баяндоо мүнөздө жазылган. XIX кылымдын **жаңылануу доорунда** түрк прозасынын да бир топ көркөмдүк жактан өнүгүүгө багыт алгандыгын байкайбыз. Мисалга алсак, Намык Кемалдын (1840–1888) “Ойгонуу” деген чыгармасында композициялык-сюжеттик түзүлүшү жөнгө салынып, берейин деген идея автор тарабынан алгылыктуу чечилгендигин көрүүгө болот. Чыгарманын негизги темасы – адамдардагы адеп–ахлак маселеси. Анда социалдык проблемалардан болгон аял, эркек ортосундагы мамилелерде кезиккен сабатсыз жаштардын трагедиясы көркөм сүрөттөлөт. Негизги каармандардын бири Али Бей – бир үйдүн көзүнө караган жалгыз баласы. Аны атайын иштесин деп, калемдерге (катчы) орноштурса, ал аны иштебей эле жеңил-желпи жашоого кызыгып, анан Мехпейкер деген сойку аялга жолугуп, ишин да таштап, тапканын жалаң бузуку иштерге сарптап, ахлаксыз иштерге кириптер болот. Экөөнүн ортосунан чыккан бир чатактан улам гана Али Бей өз үйүнө кайтат. Анын энеси ошол учурдан пайдаланып, адеп–ахлагы кристалдай таза, назик, акылдуу, сулуу Дилашуп деген күң кызды алып берет. Бирок, кара мүртөз, жеңил, бузулган, ахлаксыз Мехпейкер Али Бейден өч алып, жолунан чыккан Дилашупту жок кылуунун амалын ойлойт. Аны күң саткан аялды пайдаланып, сатып алат да, адам чыдагыс кордуктарды көрсөтөт. Жазуучу бузуку, сойку Мехпейкерге, руханий жактан алсыз Али Бейге күң Дилашшуптун образын карама-каршы коюу менен андагы нравалык бийиктикти, таза адеп-ахлакты көркөм чагылдырган.

Ал эми чыгарманын жанрдык өзгөчөлүктөрү, көркөмдүк дараметине келсек, улам мурдагыдан кийинкилериндеги жанрдык-стилдик жаңылануу-ларды, көркөмдүк бийиктиктерди көрүүгө болот. Мисалы, Халиде Едип Адывар (1882-1964) Стамбулда туулуп, 1893-колледжде окуп, андан сырткары атайы мугалимдерден арапча, анлисче, французча адабият сабагын окуган. Батыш жана Чыгыш адабияттарын салыштырып баалай билген. [Байыркы доордон азыркыга чейинки Түркия түрк адабияты. – Анкара, 2003. – 340-б] Ал көрүнүктүү романист болуу менен чыгармаларында Батыш менен Чыгыштын маданиятын, нравалык өзгчөлүктөрүн көркөм сүрөттөө менен каармандарынын жан дүйнөсүн ачууда психолгизмди терең колдонгон жазуучу. Дагы бир көрүнүктүү жазуучу Пейами Сафа (1899-1961) түрк адабиятына жаңыча стиль менен келип, психологиялык романдарды жазуу менен белгилүү. Анын атасы Пейами Сафа. Чыгармаларында да коомдун өнүгүүсү менен тең тайлаша бараткан нравалуулуктун прогрессин каармандарынын жан дүйнөсүндөгү ой-сезимдер менен чагылдырат. Ал чыгармаларында абийир, ыйман, чындыкты даңазалап, аны абийирсиздик, жалган, кайдыгерлик, түркөйлүккө каршы коёт. Түрк адабиятынын дагы бир прозаиги Якуп Кадри Караосман оглу (1889-1974) Танзиматтан кийинки мезгилдеги түрк коомундагы болуп өткөн өзгөрүүлөрдү “Yaban – Чоочун” деген чыгармасында интеллигенттер менен Анатолиянын карапайым адамдарынын арасындагы жиктелүү, ажырым маселесин көтөрүп, аны реалисттик багытта көркөм чагылдырып, нравалуулук маселесин түрдүү кырдаалдарда иликтөөгө алган. Ошондой эле 2006-жылы Бүткүл дүйнөлүк Нобель сыйлыгынын ээси болгон «Жевдет Бей жана анын уулдары» (1982), «Жымжырт үй» (1983), «Кара китеп» (1990), «Жаңы турмуш» (1996) жана башка чыгармалары менен түрк жана дүйнө адабиятында өз орду бар түркиянын белгилүү жазуучусу Орхан Памук өз чыгармаларында эски түрк маданиятын көркөм каражат катары пайдаланып, окуяларды

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

баяндоодо өз көз карашына ылайыктап чагылдырат. Демек, мындан улам, түрк адабиятынын жолу, тарыхы бир топ узак экенин байкоого болот..

Ал эми кыргыз прозасынын жаралуу, пайда болуу мезгили 1919-1920-жылдарга туура келет. «Кыргыз жаштары тарабынан биринчи кара сөз чыгармалары Совет бийлигинин жылдарында эле жазыла баштап, өз басма сөзүбүз пайда болгончо эле Алма-Ата менен Ташкентте көбүнчө казакча чыгуучу газета-журналдарга жарыяланып турган. Улуттук адабий прозабыздын азырынча бизге белгилүү саамалык өнүмү деп, Сыдык Карачевдин «Үйлөнүүдөн качты» (1919)деген аңгемесин айтууга негиз бар» [Иманалиев К. Кыргыз совет адабияты. – Фрунзе, 1988, – 79-б.].

Эл башынан кечирген окуяларды баяндаган К.Баялиновдун «Ажары», А.Токомбаевдин «Мундуулардын өлүмү», К.Жантөшевдин «Эки жетим», М.Абдукаримовдун «Курмушунун турмушу» ж.б. чыгармалар ошол доордун оор мезгили жөнүндө кабар берет. 20-жылдардагы проза негизинен таптык сезимдер, адам эркиндиги, анын ичинен аялдар эркиндигине арналып, ошого карата күрөштөрү сүрөттөөгө алынган.

30-50-жылдар кыргыз элинин да жашоо доорундагы чоң бурулуш – социалисттик коомдун, келечегинде зор империяга айланган совет бийлигинин калыптануу мезгили болгон. Шаарда өнөр-жай, завод, фабрикалар ишке кирип, айылдарда коллективдүү чарбаны өнүктүрүү кызуу жүрүп жаткан. Ошондогу совет адабиятынын бардык өкүлдөрү катары жаңы калыптанып келаткан кыргыз жазма адабияты, анын ичинен кыргыз прозасы да бир кылка болбосо да өнүгүү жолунда болду. Негизинен, бул мезгилдеги сүрөткерлердин алдында реалдуу турмушту, типтүү көрүнүштөрдү реалисттик багытта сүрөттөө зарылчылыгы турган. Бирок, «Кыргыздын реалисттик прозасы жаралуу, телчигүү мезгилинде орустун жана дүйнөлүк адабияттын бай тажрыйбасын жеңил-желпи эле өзүнө сиңирип ала койгон жок. Бул татаал адабий процессти ал далай азап-тозоктуу ашууларда болуп, башынан далай «бороондуу күндөрдү» өткөрдү» дегендей, [Бобулов К. Жаңы тилке: адабий сын, макалалар. – 72-б.] реалисттик чыгармалардын өзү бир топ кыйынчылыктар менен калыптанган. Антсе да, айрым авторлордун ошол учурда эле адамдын ички дүйнөсүн, сезимин көрсөтүүдө реалисттик-психологизм жолу менен сүрөттөө аракетинде болгондугун байкоого болот. Мисалы, М.Элебаевдин эле «Бороондуу күнү» аңгемесиндеги жолоочу жигит кабылган көрүнүштөр экспрессивдүү эпитеттер менен сүрөттөлүп, каармандардын кыйналган азаптуу турмушунан кабар берип тургансыйт. Бирок Элебаевдин каармандары азаптуу жашоодо болгондугуна карабастан адамгерчилиги, ыйманынын тазалыгы толук сакталган сонун кишилер. Ошондуктан «жолоочу кедей жигит» ошол «үтүрөйгөн тар» үйдөгү кемпирден жылуулук мээрим көрүп, өзүнө түнөк тапты.

40-50-жылдардын адабияты согуш мезгилине туура келип, патриоттуулук темасын камтыган пафостуу ар кандай очерктик чыгармаларга бай болуп, 50-жылдарда согуш темасын чагылдырган К.Баялиновдун “Көл боюнда”, Т.Сыдыкбековдун “Биздин замандын кишилери” сыяктуу адам тагдыры да, анын адамдык нарк-насили да кыйынчылыктарда сыналарын чагылдырган чыгармалар менен бирге эле Ч.Айтматовдун кыргыз адабиятындагы жаңы туунду катары психологизм негизги көркөм шарт катары колдонулган “Бетме-бет”, “Жамила” повесттери жарык көрдү.

60-70 жылдардагы прозага кайрылсак, бул жылдар илим менен технканын өсүү жолундагы, айрыкча 60-жылдар адам колу космоско жеткен сенсацияларга толгон күрдөөлдү жылдар болгондуктан, коомдун бардык тармактарында учурдун талабына жооп берелик нерселерди жаратуу проблемасы турган. “Чынында 60-70-жылдардагы кыргыз прозасында өнүгүш процессин Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгынан бөлүп кароого болбос эле. Анткени ал өзүнүн кубаттуу чыгармалары менен гана эмес, адабий өнүгүшүбүздүн процессине түздөн түз кийлигишип, ар түрдүү чыгармачылык көптөгөн сөздөрү жана макалалары, маектешүүлөрү аркылуу да айрыкча жаш прозаиктерибиздин чыгармачылык өсүшүнө туура багыт берип турду. [Артыкбаев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – Ф, 1982, – 282-б] Ошол мезгилде чыгармалары идеялык- көркөмдүүлүгү менен өзгөчөлөнгөн жана ар бири өзүнүн жекелик подчеркине ээ боло алган прозактер: Каимов К “Жигит баратат”, “Кыш ыргактары”, Бейшеналиев Ш “Данакер”, “Аманат”, Мавлянов Ж “Турмуш”, Стамов А “Кеч күздө”, “Жаңы тууган”, Даникеев Ө “Кыздын сыры”, “Кызыл аска”, Жусупов К “Жашоо кумары”, Байжиев М “Чыйыр”, Гапаров “Кыштакча”, “Дарыялар шоокуму” К. Акматов “Күн айланган жылдар” ж.б. чыгармалары менен окурмандардын, окумуштуу-адабиятчы, сынчылардын кызыгуусун арттырды. Анткени бул чыгармаларда адам концепциясын ачуу түрдүү кырдаалдарда турмушка жакын чечилгендиктен, ынанымдуу сүрөттөлүп, окурмандардын жан дүйнөсүнө жакын болгон. Ошондой эле буга чейинки калыптанган схематикадан чыгып, жан дүйнө толгонууларын психологизмдин күчү менен жеткирүү арбын кездешет. Булар жөнүндө К. Эдилбаев да “...Азыр кыргыз повесттеринде өнүмдүү иштеп жаткан К. Жусупов, М.Гапаров, Ө.Даникеев, Мураталиев сыяктуу прозачылар өз кезегинде аңгеме жазууда изденишкен, эң алды сөз менен иштөө маданиятын өстүрүшкөн, ой-жүгүртүүдө өздөрүн өздөрү табышкан, белгилүү даражада жеке өздөрүнө таандык стилдин ыкмаларын, көркөм каражаттарын иштеп чыгышкан, азыр алардын повесттеринде бул белгилер эстетикалык чектерин кеңейтип, өөрчүп, тереңдеп баратканын оңой эле байкоого болот” [Эдилбаев К. Чакан жанр жана чоң дүйнө. К-те: Жаш сынчы. – Ф,. – 1981] деп белгилеп өтөт. Арийне, бул чыгармаларда ачууга

ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com

далалаттанган негизги максат адамдардагы нравалуулук маселесин негизги маселе катары көркөм иликтөө болуп саналат.

**I.3. Нравалуулукту чагылдырууда Ч. Айтматов – түрк элдер адабиятынын үлгүсү.** Бул бөлүмдө Ч. Айтматовдун «Кыямат» жана «Кассандра тамгасы» романдарына кайрылып кетүүнү туура көрдүк. Анткени, ал жазуучу болуп аттанган күндөн бери «Канткенде адам уулу Адам болот?» деген адамзат үчүн түбөлүктүү болуп келаткан глобалдуу улуу маселенин үстүндө талыкпай, ал маселе улам татаалданган сайын, улам күчөнүп күрөш үстүндө келбедиби. Жазуучунун биз кайрылып кеткен чыгармалары нравалык жактан иликтөөдө адамзаттык, ааламдык алкакка чыгып, нраванын, рухтун жакырланышы адам жашоосун, тирүүлүктү кыйратуучу эң коркунучтуу нерсе экендиги кабарлап, адам баласын эсине келүү үчүн чакырык жасайт.

Жазуучунун “Кыямат” романында жан дүйнө революциясын жараткысы келген Авдий Калистратовдун, жашоонун маңызы – эмгек, болгондо да, ак, талыкпаган эмгек деп түшүнгөн, жашоо чындыгын да эмгек менен өлчөгөн Бостондун, алардын тагдыр жипчелери түйүндөлгөн Акбаранын тагдыр-тарыхтары адамзат жашоо айлампасында бир бүтүндүктө көркөм сүрөттөлөт. Адам адеп-ахлагы ар кай тараптан иликтөөгө алынат. Чынында эле «Кыямат» романындагы каармандардын жашоого, өмүргө, жаратылышка жасаган мамилелери, философиялык көз караштары, ой жүгүртүүлөрү, бири бирине окшошпогон тагдырлары аркылуу нравалуулук, акыл-эс маселелерин жогорку бийиктикте сүрөттөөгө алат.

Биз нравалуулуктун көркөм адабияттагы иликтөө эвлюциясына кайрылуу менен адам адеп-ахлагынын интелектуалдык деңгээли улам коомдун өнүгүшүнө жараша өсүп-өнүгүп келгендигин, анын көркөм чыгармада да ошого жараша чагылдырылып жаткандыгын көрөбүз. Адамзат акыл-эске эгедер болгондон бери эле жамандан жакшыга, карадан акка, төмөндүктөн бийиктикке умтулуп келген.. Бирок да анын баасы карама-каршылыктардын күрөшү аркылуу гана ачыктыкка ээ болот.

«**Кыргыз, түрк прозасындагы нравалуулук маселесин көркөм иликтөөдөгү жалпылыктар жана жекеликтер**» деп аталган экинчи глава төрт параграфтан турат.

**II.1. Ө. Даникеевдин жана Я. Кемалдын чыгармаларында коомдук-саясий кырдаал жана инсан адеп-ахлагынын көркөм чечмелениши**. Кыргыз адабиятынан Өскөн Даникеевдин, түрк адабиятынан Яшар Кемалдын чыгармаларына мезгилдик, мейкиндик, жадагалса, чагылдырылган окуялардын бири-биринен алыстыгына карабастан, салыштырып кароого тандап алганыбыздын себеби, катаал кезең, оор сыноолор, тарткылыктар адам баласынын инсандыгын чыйралтып, айрым учурда өзү менен өзү күрөшүүгө, керек болсо өзүн өзү абийир сотунда таразалоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болору бул чыгармаларда окшош сүрөттөлгөндүгү болду.

«Көкөй кести» романында согуш мезгилиндеги социалдык-нравалык маселелер чагылдырылат. Автор бул чыгармасында да өзүнүн айтайын деген өзөк оюн таап, жеке адамды эле эмес, анын коом менен карым-катышын чагылдырууда философиялык, гуманисттик, рухий-ыймандык маселелердин актуалдуу жагдайларына астейдил мамиле жасаган.. Чыгармада согуш мезгилиндеги ооруктагы турмуш, шарт, жашоо, тагдырлар жөнүндө баяндалат да, анда ооруктун ооругу, же улуу тоолор курчаган ээндиктеги метеостанциядагы үркөрдөй үч үй-бүлөнүн согуш запкысынан тарткан татаал тарткылыктары чагылдырылат. Ошол үч үй-бүлөнүн, өкмөт ишинин баары Мураттын мойнунда калат. Ал алдына койгон өктөм жоопкерчиликти жашоосундагы өзү гана бекемдеп алган негизги “мыйзам” катары кабыл алат. Натыйжада, ал жеке инсандын инсандык таламдарын четке кагып, биринчи орунга “өкмөттүн ишин”, “ыстансы” маселесин коёт. Бул коомдук нрава менен жеке адам нравасынын чиеленишкен канонунун натыйжасы эле. Анткени социалисттик коомдогу коммунисттик нраванын моралдык кодексттеринде “мен” менен “өзүм” деген түшүнүктүн ажырымын эске албай, экөөн бирдей карап, “өзүмчүлдүк” (эгоисттик) деген түшүнүктөр менен жуурулуштуруп, жиберип, биз – “элдик”, “өкмөттүк” деген түшүнүктөргө карама-каршы коюлган.

“Көкөй кести” романында, биз жогоруда белгилеп кеткендей “өкмөттүн иши” жогорку планга чыгып, «сентирден» келген кабарды даана укпай, туура эмес түшүнүп алгандыктан, өкмөттүк жоокерчиликти бардык азап-тозокторго туруштук берүү менен так аткарган менен төрт адамдын өлүмүнө бөөдө себепкер болгонун түшүнгөндө, баары кечирсе да эгерим эки дүйнөдө өзүн өзү кечире албай, абийир сотунда кыйналат. “Курч карама-каршылыктардан келип чыккан аң-сезимдеги, жан дүйнөдөгү өзгөрүү өнүгүүнүн нюанстарына кунт коюп, анын кыймылынын табигый эволюциясын түзүүгө умтулуу – ал жазуучуларынын чыгармаларынын психологиялуу чыгышын шарттап турат” деп окумуштуу белгилегендей, [Л. Үкүбаева Азыркы кыргыз адабиятынын арымы. – Бишкек, 1995. – 69-б] ушундай аң-сезимдеги, жан дүйнөдөгү карама-каршылыктардын психологиялык абалдарын көркөм чагылдыруу аркылуу каармандарынын мүнөздөрүн реалдаштыруу чеберчилигин Ө.Даникеевден да, Я.Кемалдан да жолуктурууга болот.

Бул чыгармадагы нрава маселесинин көркөм чечмеленишине Дариканын образын да мисал келтирүүгө болот. Анын арзуу, сезимге жеңдирип, Мурат менен болгон окуя тынч жаткан жан дүйнөсүн дүрбөлөңгө салып, ич дүйнөсүндөгү карама-каршылыктар бири бири менен тең тайлаша, акыры эле келип, “актык” менен абийирге сынып, “Жаңыласың жазасың. Жашоо ошо экен да. Кээде ага өзүң барасың.алды-кийинин көрүп, түшүнүп туруп эле. Кээде сенсиз, сенин эркиңе карабай өзүнөн өзү болуп кетет. Кандай жаңылыштык болбосун, ал жазага татыйт. Жазалаш керек. Айыптоо керек” деп, өзүнүн өкүм жазасын билдирет. Мунун өзү Дариканын насилинде аруулугун, тазалыгын

ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com

далилдейт. Ар кандай жаңылыштыкты, “кылмышты” түшүнө билүү, анын азабын тартуу ал, тургай туура өкүм адилет жазаны күтүүнүн өзү адамдын **адамдык** кылуусу – абийир менен ыймандын жеңиши! Мына ушул нерсени автор каармандын жан дүйнөсүндөгү өзү гана билген уйгу-туйгуларды көрө билүү менен психологизмдин көркөм күчү аркылуу окурманга таанытат. Ал эми Айша апа чыгарманын башынан аягына чейин ошол “микросоциумдун” жетектөөчүсү, акыл-насаатчысы. Анын жарык дүйнө менен коштошор алдында өзүнүн күчүн, кайратын жыйнап, айткан керээз сөздөрүндө не деген керемет кеменгерлик жатат. Ал жашоо-турмуш, кайгы-касирет, тагдыр-жазмыш жөнүндө түшүндүрө келип, анан да жашап өткөн өмүрүнө топук кылып, аларга акыл-насаатын айтып, “Жүз аарчыга түйүлгөн бир нерсени алып, Муратка сунуп: “Мобу далил ташым. Ыйман, куранымды да окуп койдум… Дубаны билбейсиң, кантсе да көөмп бүткөндө «биссимилланы» үч кайрып бата кыл. Ошонун сообу да оңой эмес”, деп, өзүн өзү тиги дүйнөгө даярдап жаткандын өзү эмне деген бийиктик! Муну менен Өскөн Даникеев ошол мезгилдин саясий нравасына терс жооп айтып, адам Адам бойдон калып, анын ичинен улуттук кыртыштын калыптанган нравасы баарынан улуу экендиги жөнүндөгү ойду окурманга тартуулайт.

Яшар Кемалдын “Тоо баяны” романына кайрылсак [Яшар Кемаль. Тоо баяны (которгон Ш. Келгенбаев). – Ф., – 1991-ж.], бул чыгарма кыргыз окурмандарына түрк элинин, айрыкча тоолук түрктөрдүн жашоо турмушу, нравасы, дүйнө таанымы, үрп-адаты, каада-салты, философиясы ж.б менен тааныштырат. Жазуучу тоолуктар жөнүндө баяндаган чыгармаларында алардын тоодой бекем, кээде өтө эле каардуу болгон нравалык түшүнүктөрүн сүрөттөөгө алат. Ошол салттык эреже боюнча эшигинин алдына токтогон аргымакты Ахмед үч жолу келген жолуна алып барып ташташ керек. Эгер үчүнчү жолу да келип алса, ат үй ээсиники болот. Аны кайтаруу – намысты алдыруу менен барабар. Мына ушундай тагдырга Ахмед дуушар болот. Андан ары аттын ээси Бейазид пашасы Махмуд менен аргымак үчүн Ахмед баш болгон бүтүн тоолуктардын карама-каршылыктарын элестүү сүрөттөп олтурат. Жазуучу ар кандай бийлик күчүнө, байлык-мансабына чиренген текеберлик тоолуктардын ар-намысынын астында алсыздык кыларын түрдүү сюжеттик кырдаалдарда көркөм чагылдарат. Жашоодогу мындай моралдык-нравалык эреже аларга ата-бабаларынан келаткан салттык мыйзам.

“Тоо баяны” романында автор жеке адамдардын адеп-ахлагын, мүнөз-дөрүн да көркөм сүрөттөгөн. Мисалы: Мемонун образы башкача чечилет. Ал болгону буйрук аткаруучу. Анын эрдиги да, күчү да ошону менен чектелген. Абактагыларды жакшы кайтарат, баш ал десе аны да орундатат. Маңкурттан айырмасы жок. Бирок ушундай кыймылсыз жаткан сезимди сүйүү, махабат өзгөртөт. Жакшы менен жаманды, чындык менен калпты аңдаганга мажбур-лайт. Натыйжада, өзүнүн сүйүүсүнө караганда бир топ бийик, чыныгы маха-батка жол бошотот. Ал тургай, өмүрүнүн соңунда күнөөсүз күнөөлүүлөргө боштондук берет. Ошентип, автордун чеберчилиги менен туңгуюк жашап, туңгуюк сүйүп, аягында туңгуюкка бой урат. Ошондуктан Мемонун образы эпизоддук болсо да, чоң жүктү көтөрүп, таасирдүү чечилген. Анткени адам адам болуп жаралгандан кийин анын жан дүйнөсүнүн кайсы бир түпкүрүндө адамдыгы сакталып, анын сүрүлүп чыгар себеби табылганда ойгонуп, жарыкка чыгарын билдирүүдө автор кырдаалдык көркөм шартты мыкты пайдаланган.

Ал эми автордун “Каракчы” повестинде Осмон империясынын бошоңдоп, эл ишеничинен кетип, кулар алдындагы элдин, андан да тоолук түрктөрдүн жашоо турмушун чагылдырат. Чыгарманын негизи каарманы Мехмеддин (каракчылык лакап аты Чакыржалы) атасы Ахмед-эфени жан досум деп эсептеген жандарм Хасан-чавуш алдап, үйүнөн алып чыгып, атып өлтүргөн. Бул окуядан кийин анын апасы капысынан атасынын арамдык менен Хасан-чавуш тарабынан өлтүрүлгөндүгү жөнүндө: «Сенин атаң ушундай болчу, Мехмед. «Ошо осмондорго ишенбе!» деп канча какшачу элем. Ал болсо ишенчү. Анткени жүрөгү таза, ак эле. Мына акыр түбү саткындар башын жутушту», деп күн сайын айтчу. Демек, жаш Мехмедди апасы да, Ажы-эшкия да анын психологиялык абалын курчутуу менен каракчылыкка түртүп, атасын өлтүргөн “өкмөттөргө” карата өч алуу сезимин ойгото баштайт. Жазуучунун ушундай сюжеттик персонажы анын “Жылан өлтүрсө” деген повесттинде да өлгөн баласынын өчүн алуу үчүн, “намысын” коргоо үчүн, небереси Хасанды кичинесинен кулагына кумдай куюп, ар кандай психологиялык кырдаалдар менен жедеп жеткирип, аягында Хасан өз энесин, болгондо да жандай сүйгөн энесин өлтүрүүгө мажбур болуп түрмөгө түшөт. Автор муну менен улуттук кыртышка сиңген “кур намыс” патриархалдык моралдык-этикалык нравасы-нын терс жактарын ачыкка чыгарат.

Я. Кемалдын бул чыгармаларынан мамлекеттик түзүлүш, коомдук абал канчалык бошоңдосо, элдин арасындагы жалпы моралдык-этикалык нрава эрежелери ошончо солгундап, адамдар арасындагы тең салмактуулук бузулуп, алдуулар алсыздарга кордук көрсөтүүдөн уялбай, калыссыздык өкүм сүрүп, натыйжада топторго бөлүнүп, ар бир топтун өзү туура деген нравлык мыйзамдары пайда болорлугу жөнүндө түшүнүүгө болот. Демек, адам коомдо жашап туруп, коомдон сыртта боло албагандыгы бул чыгармалардын өзөктүү идеясы болуп, адам менен коомдун, анын социалдык абалынын ортосундагы байланыш, анын нравалуукка тийгизген таасирлери жөнүндө чагылдырылат.

Кыргыз жазуучусу Өскөн Даникеевдин Мураты согуш деген алааматтын айынан эл алдындагы жоопкерчиликти, милдеттүүлүктү мойнуна алып, канчалаган азап-тозок менен жан үрөп аракеттенип, а бирок көз алдында төрт кишинин өмүрү кыйылып, өзүн өзү абийир сотуна салат. Ал эми түрк жазуучусу Яшар Кемалдын Мехмеди каракчы болгусу келбеген жерден каракчы болуп, намыс, адилеттик, карапайым эл алдындагы милдеттүүлүк үчүн

ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com

деп, канча адамдын канын өзү төгөт. Эки жолу ага душман болуп турса да, өзүндөй эр жүрөк жигиттердин өмүрүн кыйып алып, кайра өзү алар үчүн буркурап көз жаш төгөт. Ал эми Ахмед болсо, өзүнүн араң жеткен жеке бактысынан да улуттук кур намыс күчтүүлүк кылат. Анын каармандары канчалык эр жүрөк болбосун жеке эркиндиги жок, салттык нраванын туткуну сыяктуу. Ошого карабастан, эки жазуучунун тең чыгармаларында айтайын деген ою, ар кандай кырдаалдарда адамдын адам бойдон калышы. Ал эми кырдаалдар алардагы адамдагы адеп-ахлактын баасын өлчөөчү сын экендигин чагылдырат. Бул маселени чечүүдө Өскөн Даникеев көбүнчө ички толгонууларды берүүдө психологизмди чебер колдонуп, каармандарынын социалдык жашоо турмушун сүрөттөгөндө, алардын ички-тышкы дүйнөсүн гармониялуу айкалыштырган болсо, Яшар Кемаль каармандардын кыймыл аракеттери, окуялуу эпизоддор, пейзаждык сүрөттөө, автордук баяндоолор менен катар көп түрдүү сюжеттик-композициялык элементтерди колдонот.

**II.2. Мурза Гапаровдун жана Решат Нури Гүнтекиндин чыгармаларындагы инсан адеп-ахлагын калыптаныш маселесинин көркөм чагылдырылышы.** М. Гапаровдун “Кыштакча”, Р. Н. Гүнтекиндин “Боз торгой” деген чыгармаларында козголгон проблемалардын жакындыгы байкалат. Анткени эки чыгармада тең окутуучулук кесипти аркалаган жаш адам (бири жигит, экинчиси кыз) турмуштук кырдаалдардын жетегинде борбордон алыс калган элет жерине барып ишин башташат. Эки автордун тең чыгармасында жаштарды эмгек жолун баштайын деп келген жери өтө эле кубантып жибербейт. Бирок бара-бара экөө тең кыштак жашоосуна көнө түшкөнсүйт. “Өз жүрөгүмө терецине үңүлүп, байкасам, мен ушул кыштакка көнөйүн деп, анын турмушуна моюн сунгандаймын, ал турсун бул артта калган, көңүлсүз элетти сүйө баштаган окшойм” [Гүнтекин Р. Н. “Боз торгой“ (которгон З. Сагынбаев). – Ф., 35-б.] дейт, Феридэ. А чынында Акун да элет турмушуна көнүп, алар менен анча-мынча “серп” этип алып, мергенге да чыгат эмеспи. Бул жерде Решад Нури Гүнтекин да, Мурза Гапаров да турмуш чындыгын, социалдык жагдай адамды моюн сундуруусу табигый нерсе экендигин реалисттик негизде чагылдырат. Каармандардын окутуучулук иши эки жагдайда, эки башка шартта жүрөт. Бирок экөө тең кыштактагы окутуу ишине жаңылык алып келет. Акун деректирди сабагына караманча каршы болуп, “Мен окуучуларды гана аяйм. Окуучуларга убал” деп, памирдеги эптеп-септеп жүрүп жаткан окутуу ишине каршы өкүмүн билдирет. Окутуу ишине жаңы шартта, жаңыча мамиле кылганын ачык сүрөттөлбөсө да, окуучуларынын аны менен жакын, сырдаш болгонунан билүүгө болот. Мисалы: Окуучулары анын үйүн паровозго окшотуп сыдашкан учур. Акундун ошол жердин өспүрүмдөрүнө оң таасири болгону үчүн Карачач менен Пайиз ошол жердин шартына, салтына каршы чыгып, чындыкты айтып, аны ыплас ушактан куткарышат. Каникулда окуучуларын үйлөрүнө жеткиргендеги аларга болгон мамилеси да Акундун образын ачуу үчүн колдонулган көркөм штрих болуп эсептелет.

Ал эми “Боз торгойдогу” Феридэ болсо, “Алгачкы убакта менин көзүмө жапайы, жат көрүнгөн окуучуларым азыр мага жакын, сүйкүмдүү көрүнүп калышты. Мен аларга үйрөнүп калдымбы, же тынбай иштеген аракетимдин аркасында алар кайрадан тарбияланып калыштыбы, айтор, билбейм” деп өзүнүн ишине өзү баа берет да, “Шатсыз, муңайым көздүү, жан дүйнөлөрү түнт бул балдардын турмушка куштарлыктарын, өз алдынча ойлоо сезимдерин ойгото алганымды сезсем, аябай кубанып каламын” [Р. Н. Гүнтекин. “Боз торгой” (которгон З. Сагынбаев). – Ф., – 192-б.] Демек, эки автордо тең, эскиликтен жаңылыкка, караңгылыктан жарыкка билим, жаңыча прогрессивдүү түшүнүктөр гана алга жетелей тургандыгын белгилеп, аны каармандарынын образын түзүүдө алардын ички жашоосуна кайрылып, алардын иш аракети, моралдык-нравалык, руханий-ахлактык потенциалдары аркылуу көркөм иликтейт. Жазууучу Решат Нури Гүнтекин да, Мурза Гапаров да Феридэ менен, Акунду “Зейнилер” кыштагы менен Мургаб айылына өздөрүнүн дүйнө көз караштары, жүрүш-турушу менен алгач башкача көрүнүшүп, алар билинбеген менен айыл адамдарынын көңүлүн бурдуруп, жаңылыктын, жакшылыктын, ошол эле учурда жарыктыктын белгиси катары сезилет. Элет жергесинин да өзүнө өзүнө ылайык моралдык-нравалык эрежелери бар экендиги сүрөттөлөт. Мисалы, бул жашоонун бүтүн кызыкчылыгынан артта калган кунарсыз жашоону тиешелүү тагдыр деп кабыл алган, өнүгүү мындай турсун, жөнөкөй эле жашоону да караңгылыктын курманы кылган “Зейнилер” кыштагында Феридэ мугалимдин пайда болушу алар үчүн жарыкчылыктан кабар болгондой эле болот. Окутуунун жаңы ыкмасы жадагалса, окутуучунун милдетин аткарып, “өлүм” жөнүндө жеткире түшүндүргөн Хетиже-ханымды да ынандырып, өзүнүн кемчилигин моюнга алган учурлары бар. Ошентсе да, алардын кайрымдуулугун билдирген жетим, оорукчан Зехраны, эптеп багар деген ойдо момун койчу Мехметке күйөөгө беришип, ал эми тоюн бүтүн кыштак эли чогулуп өткөрүшүп, алар үчүн кичине болсо да, “көп түкүрсө көл” деген философиялык түшүнүк менен байкуш сагырларга үй-бүлө очогун даярдаганга аракет кылышат. Демек, “караңгылыкта” деле ошол каада-салттык, үрп-адаттык негизге калыптанган нравалык түшүнүктөр бар. Же болбосо, Памирдин коңулундагы “Мургаб” айылынын да өзүнчө нравалык, адеп-ахлак эрежелерин алсак, айрым адабиятчылар өтө эле жапайычылык эреже катары талдаган “достук сот”да айылдын адептик жүрүм-турумдарын, адилетсиздик, калпыстык иштерин жөнгө салып, өкмөттүк сотко чейин эле тескеп коёрунан кабар берет.

Чыгармалардын өзгөчөлүгүнө келсек, албетте, ар бир жазуучунун өзүнүн жазуу стили, көркөм-адабий көрөңгөсү, көркөм-поэтикалык чеберчилиги өз алдынча. Ал тургай биз иликтеп жаткан жазуучулардын чыгармаларында

ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com

мезгилдик да, мейкиндик да айырмачылыктары бар. Анткени түрк жазуучусу Решат Нури Гүнтекиндин “Боз торгой” романы 20-жылдардагы түркия элинин жаңы гана өз алдынча республика катары калыптанып келе жаткандагы турмушу, анын ичинен билимге эгедер болгон түрк кызынын татаал тагдыр жолдорун өзүнчө назик бир поэтикалык ыргактар менен сүрөттөөгө алганын көрөбүз.

Ал эми Мурза Гапаровдун бул повесттинде деле аз сөздүү, бирок көркөм ойго бай, психологизмди чебер колдонуу менен каармандын ички дүйнөсүн ача алган реалдуу баяндоого жолугабыз.

**II.3. Кыргыз, түрк прозасындагы сүйүү, үй-бүлө нравасынын көркөм иликтениши.** Мында А. Стамов, М. Гапаров, Р. Н. Гүнтекиндин чыгармалары талдоого алынды.

А. Стамовдун “Жусуп адилет” повестине кайрылсак, ал сүйүү жана үй-бүлө нравасын көркөм баяндаган чыгарма. Повесттеги дагы бир көңүл бура турган өзгөчөлүк – 70-80-жылдардагы кыргыз прозасында фольклордук сюжетти пайдаланууга ык коюу тенденциясынын А.Стамовдун чыгармасында да орун алышы. Албетте, бул чыгармада А.Стамов өз стили, өз мүмкүнчүлүгү менен ыйык Курандагы Жусуп менен Зулайка баяндарын өзүнчө интерпретациялап, ал аркылуу сүйүү жана үй-бүлө маселесин көркөм чагылдырган. Бул чыгармада негизги каарман Жусуптун биринчи кезекте Аллага (Жаратканга) болгон чексиз сүйүүсүн, анын Жаратканын ар кандай сынагынан өтүп, акыры акылдуу, адилет, калыс падыша болуу укугуна эгедер болгонун, өтө кызыктуу окуялар аркылуу легенданын түпкү маанисине жакын чагылдырууга аракет кылат. Ошондуктан чыгарманын композициялык түзүлүшү, окуянын эволюциялык баяны жомоктук стилге жакын сүрөттөлөт.

Ал эми сүйүү, махабат маселесин иликтөөдөгү автордун бизге берген түшүнүгүнөн соң, мындай бир ой келет: демек, махабат, сүйүү сезиминин башталышы – азгырык сезим. Бирок ал күнүмдүк кызыкчылык, кумар жазуу гана болсо, анда адеп-ахлаксыз, ыплас көрүнүш. Жок, ал – адамдын эркинен тышкары болуп, ооруга айланып, түбөлүктүү сезим болсо, анда ал чыныгы сүйүү. Оюбуз далилдүү болсун үчүн кайрадан чыгармага кайрылалы.

Алгач акылга мол, адилет, калыс, ай-чырайы келишкен Жусупту көргөндө эле Зулайка сулуу азгырык сезимге ээ болуп, өзүнүн жубайы болгонуна карабастан сүйүп калат. Сүйүүсү үчүн ар кандай кылмыштуу да аракеттерди жасап, бирок Жусупту андай шайтандын азгырыгына баш ийдире албайт. Акыры зынданга да салдырат. Бирок дагы эле тыянак чыкпайт. Анткени ал арууլукту туу туткан, кудайдын түз жолун тааныган, аны чексиз сүйгөн такыба адам. Экинчиден, Зулайка бирөөнүн ак никелүү зайыбы. Аны жолунан жазгыруу чоң күнөө. Ага ыйманы таза, адеп-ахлактуу Жусуп эч качан жол бербейт. А Зулайка болсо чыныгы махабат дартына чалдыгып калган. Зулайка ошол дарттын курманы, азап-тозоктун баарын башынан кечирет. Өлөйүн деп, сүлдөрү калганда да, Жусуп деп зар какшайт. Күйөөсү өлүп жалгыз калып, өзү сүйүүнүн сары оору дартынан кебете-кешпири кетип, араң жаны калганда, адилет падыша Жусуптун үчүнчү жолу жолунан тосот. Бул мезгилде ал да Жусуптун түз жолун таанып, ага ынанып, өзүнүн ахлаксыздыгы үчүн Кудайдан зар какшап кечирим сурап, акыры муңу ага жетип, ал жолугуусунда аны таанып баган Жусуп, көрүнүшүнө боору ачып, кайрымдуулук кылып, бечаранын маңдайынан сылап, мээримин чачат. Ошондон кийин Зулайка кайрадан жашарып, дүйнөдө теңдеши жок сулууга айланат. Жусуп да ага ашык болот. Бул учурда Зулайка өзүн качырат. Анткени анын алдында кудай алдында арууланып, тазалануусу биринчи орунга чыгат. Зулайканын махабат дартынын азап-тозогун Жусуп да да тартат. Акыры бул чыныгы сүйүүнүн кайрымы болуп, алар баш кошуп, бактылуу болушат.

Бул чыгармада автордун айтайын деген ой-өзөгүн адам баласынын бардык жан-жаныбардан айырмачылыгы – азгырык сезимди акыл-эс, аң-сезим менен башкарылган ыйык жана таза сүйүүгө айландырып, ал эми ал сүйүүнү туруктуу үй-бүлө гана көркүнө чыгарат деген улуу философия түзөт.

Эми ушул эле маселеге жазуучулар Р. Н. Гүнтекин менен М. Гапаровдор кадимки адам-пенделердин жашоосунан кантип чагылдырганына байкоо жүргүзүп көрөлү. Р. Н. Гүнтекиндин «Боз торгой» повесттиндеги негизги тема – махабат темасы. Фериде Кямранды алгач эле көргөндө өзү да билип, түшүнө албаган “электр тогу” анын жан дүйнөсүн аралап өтөт. Ошол эле учурда Фериде жан дүйнөсүндөгү дүрбөлөңдү жашыргысы келет. Бул ички толгонуулар жазуучунун психологизмди чебер колдонуусу аркылуу каармандын сүйүү сезимдеринин башталышынан кабар берет. Боз торгойдун сүйүүгө болгон көз карашы өзүндөй назик да, аруу да эле. Бул чыгармада Фериденин сүйүүсү аркылуу сүйүүдөгү эң бийик нрава даңазаланат. Ошол сүйүүсү үчүн “дербиш” болуп, өз алдынча өмүр сүрүүгө бел байлап, ар кандай тоскоолдуктарда майышса да сынбаганын, арам ойлуу зулумдар менен күрөшүүдөгү абалын, кайратын психологиялык жактан мыкты сүрөттөгөлгөн. Бирок ушуга эле карама-каршы келген Неримандын эки жүздүү аракеттерин сүрөттөө менен Фериде деги тунуктукту, тазалыкты дагы ачыкка чыгарып, ошол эле учурда жашоодо андай сапаттар менен катар эле ахлаксыздык да кездешеринен кабарлайт. “Нериман ашкан сулуу аял эле. Анын чектен ашкан кылыктануусу мени аябай суктандыруучу. Аялдардын арасында эле бир аз адептүү болор эле. Ал эми аялдардын арасына эркек келе калса,жүзү кубулуп, доошу кубулуп, күлкүсү чыгып, көз карашы бүтүндөй өзгөрүп кетер эле. Күйөөсү жөнүндө сөз болгондо, Нериман өмүр бою кайгы-муңу арылбаган жесир аялдын кейпине түшө калат,” [аталган китепте, 36-б.] дейт Фэриде. Муну менен терс, адеп-ахлаксыз нерселерди сүрөттөө аркылуу тазалык, арүулук менен эки жүздүүлүк жана ыймансыздыкты салыштырып көрсөтүлөт.

ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com

Ал эми Фэриденин сүйүүгө көз карашы ушунчалык таза, аруу. Анын Кямранга болгон терең сүйүүсүнө Хайруллах Бей да төмөнкүдөй баа берет: "Сен башкалардан өзгөчө айырмаланасың. Сен бардык адамга, бүткүл айлана-чөйрөгө жат көрүнөсүң. Сенин жылмайганың кандайдыр бир терең ойлуу, капалуу, адам түшүндө гана ушундай жылмаят. Ойлосом, ичим ачышат, кызым. Сен башкалардан өзгөчө жаралган адамсың. Сен бирөөнү сүйүү үчүн, бирөөнүн сүйгөнү болуу үчүн жаралгансың" [аталган китепте, 336-б.]

Бул маселени М. Гапаров башка өңүттөн карап реалдуу сүрөттөйт. "Дарыялар шоокуму" повесттинде Ормон менен Суусардын таза, элдин баары суктанган балалык махабатын, бактылуу болобуз деген аруу тилектерин "согуш" деген балакет кыйсыпыр кылгандыгын, анан Суусардын Колдошко кор болгонун, алардын тагдыр тарткылыгында адамдык нарк-насилдин, адеп-ахлактын жүгүн канчалык деңгээлде көтөргөндүгүн көркөм сүрөттөөгө алган. Ал Колдошко зордук менен баш кошкон. Бирок ошого карабастан "эл эмне дейт?" деген салттык нраванын туткунунан чыгалбай үй-бүлөлүк жашоосун улантып келген. А бирок Колдоштун түркөй сүйүүсүнүн, түркөй кызганычынын натыйжасында баары талкаланат. Анткени ал сынамакка өз жубайын өзү айбандарча зордуктап, анан аны ким экенин айттыра албай, көрбөгөн кордукту көрсөтөт, аялынын ичиндеги өз баласы боюнан түшүп калганча сабайт. Анан да кантип Суусар менен Ормондун бактысына балта чапканын мактаныч кылып айтат. Автордун көркөм чеберчилиги ушунда: Суусар менен Колдоштун ортосундагы сырткы жана ички конфликтер жана психологизм менен кыймыл аракеттердин жуурулушуп кетиши аркылуу алардын адамдык нарк-насили ортого чыга келет. Бул чыгармадагы Колдоштун зөөкүрлүгү – ахлаксыздыгы аркылуу адам-пендени адамдыкка чакырган гапаровдук ыкма. Ошентсе да, адам-айбандын кайсы бир учурда адамдыгына кайтарын Колдоштун кеч болсо да өз күнөөсүн түшүнүп: "Эми мен баары-жоктон айрылып, өз үйүмдөн бетер кутум качып, ээн жерде эңгиреп, жападан жалгыз калдым... Эми мен, тага, пронт эмес, тозоктун отуна барууга даярмын" дейт да, түрмө менен фронттун айырмасын түшүнүп, "бул кагаз кара кагаз делгени менен, ошо пронтто качканы үчүн  паланча жыл турмада аристан болуп жашап келди деген наалаты сөздөн миң эсе агыраак жана тазараак" [Гапаров М. Экөө ээн бакта. – Б., – 2009. – 550-б.] деген чечимге келет. Ал эми объективдүү жана субъективдүү себептер менен сүйгөнүнө жетпей калган Ормон да үй-бүлөдөн бактылуу болуп кете алган жок. Ал эми Ормондун адеп-ахлагынан айтсак, "чолок" Ормондун жашоону сүйгөндүгү, жашоодо бирөөлөргө пайдалуу болгусу келгени, адамдын баалуулугун урматтагандыгы, "олбурлуу, салабаттуу" Колдоштон канчалык артык, канчалык бийиктик кылат. Жазуучунун бул чыныгы турумушта эле кездешчү парадоксалдуу көрүнүштү көркөм объект кылып алуусу анын дагы бир адабий көрөгөчтүгүн айгинелейт.

Ал эми жазуучунун "Кызыл беде" чыгармасындагы Малик менен Маралдын сүйүү, үй-бүлөлүк маселеси бир топ татаал чечилет. Алар бирин-бири жактырышат. Бирок Марал билим алууну, шаарда жашоону тандайт. Ишенген "жездеси" окууга өткөрө албагандан соң, үйлөнүүнү чечишип, той кылат. Бирок тойдон кийин Маралдын кыз эмес, жубан экени билинип, Маликтин агасы аны себи менен кошо арабага салып, үйүнө жеткирип коёт. Кыргыз элинин салттык-нравалык түшүнүгү боюнча кыз баланын келин болуп келген жерине абийирдүү, таза келиши. Эгер андай болбосо, үй-бүлө үчүн намысына шек келип, аябай уят болушат. Бул эпизод аркылуу ошол чөйрөнүн үрп-адат салттык эрежелеринин негизинде калыптанган моралдык-нравалык мыйзамды, ага карата жеке адамдардын түшүнүгүн, ички сезимдеринен кабардар кылат. Бирок булардын сүйүүсүнө, үй-бүлөлүк бактысына жарака салган ким? Ага Марал Маликти күтүп жаткан жерден жооп алабыз: «Бирпастан кийин анын көзүнө жерде, чөптөн арасында жаткан акак мончоктор урунду... Маралдын денеси дүркүрөй түштү. Ал кыйлага чейин мончокторду селейип карап турду, анан акырын отуруп аларды тере баштады. Маралдын көздөрү ысык жашка толуп чыкты. Ал мончогун үзүлгөн күндү, мончогун үзгөн кишини эстеди...» [аталган китепте, 182-б] Марал жаш, тажрыйбасыз болгондуктан өз жашоосунда жаңылыштык кетирди, алданды. Анын нравалык адашуусу жашоосуна жогоркудай терс көрүнүштөрдү алып келди. Бул жерде да билимдүү, маданияттуу, жакшы адам катары кабыл алган Осмон кечирилгис ыпластыкка, ахлаксыздыкка барганын көрөбүз

Сүйүү, үй-бүлөлүк маселе адам жашоосундагы эң эле маанилүү, назик, жана опурталдуу нерсе экендиги, үй-бүлө адеп-ахлагы жеке адамдын тагдырына да чоң таасир тийгизери Решат Нури Гүнтекиндин «Жан ачуу – Acımak» (которгон – Р.Т) деген чыгармасынын да негизги өзөгүн түзөт. Бул чыгарма эки сюжеттен, биринчиси окуусун бүткөн, бүт күчүн, жадагалса өмүрүн ишине арноону чечкен, анткени анын айтуусу боюнча үй-бүлөсүн, өзүнүн өтмүшүн да эстегиси келбеген Зехра андан аркы жашоосун мугалимдик иши менен алаксыткысы келет. Атасын сурагандарга «өлүп калган» деп түшүндүрөт. Маселенин эң негизгиси экинчи сюжетте турат. Ал Зехранын билмек турсун атын да уккусу келбеген атасы Мүршитттин тагдыры. Тайенесинин айтымында бүтүн үй-бүлөнүн бактысыздыгына жалгыз гана атасы күнөөлүү эле… Күйөөсү колдуу болгон эжесинин өлүмүнө, шайыр, жайдары апасынын турмуштан бактысыз болуп, жалгыз калышы... үй-бүлөнүн жакырланышына... айтор, бүт баарына… Таенеси ар дайым ушинтип түшүндүрөр эле... Жазуучу бул эки сюжетти бирин бири толуктоочу максатта колдонуу менен биринчисинде проблемалуу маселелерди коюп, экинчисинде анын жооптору катылат да, чечмелөөчү кызматты аткарат. Бул сюжеттеги Мүршиттин каза болгондон кийин кызынын колуна тийген "Эскерме (Hatıra defteri)" дептери композициялык негизги элемент болуп, чоң жүктү көтөрүп

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

турат. Ошол дептерден кызы жек көргөн Мүршит кандай адам болуп, кандай жашаганын, эмне себептен ошончо жек көрүмчү болуп, аягында деградациялык абалга түшкөндүгүнүн себептерин билебиз. Дептерде Мүршит өзүнө минтип баа берет: "Бирөөнүн пикирине аралашпайм, бир гана өзүмдүн эсебиме такмын. Жашмын, эмгекчилмин, акыл-эсим да ордунда. Ач көздүгүм жок, текебер, ачуулу да эмесмин. Табиятымдан жөнөкөймүн. Намыстуу, кайраттуу бир кызматчы болсом, анан таза, бактылуу бир үй-бүлө курсам. Күнүнө он эки саатан ашык иштесем да болот» [Reşat Nuri Güntekin. Acımak. – İstanbul. – 182-б.] Кызматына баш-оту менен берилип алган Мүршит элдин жүгүн көтөрүп, жалкоо, кумарпоз кесиптештеринин да ордуна иштеген менен үй-бүлөсүндөгү окуялардан кабарсыз эле. Анын эки жүздүү, ач көз кайненеси, жеңил, ойсоке аялы кыздарына тарбия бермек тургай адеп-ахлаксыздыкка үгүттөөр эле. Күн кечке бекерчилик, көңүл ачуу менен алек болушуп, ал келгенде муңайым, бир байкуш болуп отуруп калар эле. Эптеп анын акчасын алуу үчүн түркүн-түмөн ушактар менен алек болушат. Ички дүйнөсү таза Мүршит алардын тузагына бат эле илинет. Кызмат ишинде да ал көптөгөн карама-каршылыктарга жолугуп, абийир тазалыгынын, тууралыгынын, адилеттүүлүгүнүн азабын тартат. Аялы менен кайненесинин каалоосун аткарам деп жүрүп карыздан карызга батып акыры түрмөгө түшөт. Кыздарынын бактысыз болушунун себеби да кайненесинин ахлаксыз "насаттары" экенин, аялынын кошунасы менен "махабат"иштеринин бети ачылгандан кийин анын бир гана максаты алардан Зехраны куткаруу болот. Бир досунун жардамы менен өзүнө билгизбей Зехраны жакшы бир жатак мектепке орноштуруп, өзүн бактылуу сезет да, "Кызым бул түнү мектепте. Ал таза мектепте, таза жерде, өзү сыяктуу бактылуу балдардын арасында. Мээримдүү, билимдүү, адеп-ахлактуу мугалимдердин арасында жатканын ойлогонумда төбөм көккө жетип, кубанычым койнума батпайт. Өзүмдү таажы кийип, тактыда отурган өкүмдар элестетип кетем... Зехрам кутулду…" [аталган китепте, 182-б.] деп кубанат. Мүршит Ефендинин бул эскерме дептери Зехранын музга айланып, тоңуп калган сезимдерин, жан дүйнөсүн кыймылга келтирет. [İnci Enginün. Yeni Türk edebiyatı araştırmaları,-İstanbul.-2007.-224-s.] Жазуучу каармандарынын мүнөзүн, алардын ички жан дүйнөсүн чагылдырууда көбүнчө алардын психологиялык абалдарын, толгонууларын жана жан дүйнөсүндөгү карама-каршылыктарды көркөм иликтөөгө алат. Ошондой эле "Жан ачуу" деген романынын өзөк идеясы адамдардын жашоо турмушунда эң маанилүү болгон үй-бүлө маселесиндеги адеп-ахлактын ролу жөнүндө болот. Автор мында үй-бүлөнүн бекем болушуна жалгыз гана бир адамдын нравалык тазалыгы жетишсиз экендигин көрсөтөт.

Биз кеп кылган авторлорубуз өздөрүнүн чыгармаларында сүйүү, үй-бүлө нравасын ар кайсы өңүттөн иликтөөгө алгандыгына күбө болдук. Бул бөлүмдө Асанбек Стамовдун "Жусуп адилет" повесттинде сүйүү, үй-бүлө нравасынын алмустактан келаткан маселе экендигин, жана бул маселелердин ыйыктыгын, назиктигин жана маанилүүлүгүн чагылдырган болсо, Решат Нури Гүнтекиндин "Боз торгоюнда" чыныгы сүйүү, анын азап-тозогу, ага карата адептик тазалык, нравалык бийиктик Фериденин образы аркылуу даңазаланып, айрым эпизоддордо бул маселеге карата жеке адамдардын нравалык мүчүлүштүктөрү сүрөттөлөт. Ал эми Мурза Гапаровдун чыгармаларында сүйүү маселеси ар дайым эле бир кылка болбостон турмуш, тагдыр кырдаалдарында адашуу, кээде трагедиялууу абалдарга туш болуп адамдын нравалык дэңгээлинин чен-өлчөмү болорун байкадык.

**II.4. "Кыргыз, түрк прозасындагы элет менен шаар маселеси жана андагы нравалуулуктун көркөм аңдоого алынышы"** деп аталган бөлүмүндө дүйнөдөгү бардык элдер сыяктуу эле түрк элдеринде да кыштак, шаар түшүнүгү пайда болгондон баштап эле адамдардын ортосунда жашоо образы, жүрүм-турумдары, дүйнө көз караштары боюнча жалпылыктар менен кошо айырмачылыктар болуп келгендигине, ошого жараша нравалык түшүнүктөрү, жана жүрүм-турум эрежелери калыптангандыгына кайрылдык. Бул маселе дүйнөлүк, орус, жана бүгүнкү адабияттын да негизги темаларынын бири.

Шаардын прогрессивдүү маданияты, кооз, көркөмдүүлүгү, жашоо-шартынын жеңилдиги ар дайым жаштарды өзүнө тартып турган. Албетте түпкүлүгү шаардыктардын жөнү башка. Бирок миграниттык жол менен шаарлашып калгандарда бир топ эски менен жаңы, салттык менен модерндик (заманбаптык), айылдык менен шаардык деген карама-каршылыктар болору закон ченемдүү көрүнүш. Ошол себептен адабиятта да мындай көрүнүштү чагылдырууда шаар-кыштак маселеси орун алары чындык. Бул багытта учурунда [Турсунбеков.Ч. Взаимоотношения города и деревне в киргизской советской прозе 60-80-х –Фр., 1981] илимий эмгегек жазылган..

Жазуучу Асанбек Стамовдун "Жол боюнда жалгыз там" деген повестинде да мигрант шаардыктардын маданиятын, нравалык-этикалык жүрүм-турумдарын айылдык атанын түшүнүгү, ой-туюмдарын, жүрүш-туруштары менен паралелль сүрөттөө аркылуу элет менен шаардын жашоо эрежеси, нравалуулук өзгөчөлүктөрү салыштырылып сүрөттөлөт. Чыгарманын башында эле Молдоиса-Кодочалдын айылдык сырткы көрүнүшүн элестетебиз. «Кийгени күрөң баркыттан кынап тигилген жаңы чепкен. Белине курчанганы күмүш кемер. Башында жука кара булгаары менен тышталган шоңшогой кундуз тебетей. Бутундагысы да кызгылтым булгаарыдан колго ултарылган такасыз өтүк. Абышканын эки бетин кызгылт нур чайып, жайдары, жандуу. [Асанбек Стамов "Эгиз тал". – Ф., – 130-б] Бул абышканын жашы жетимиш таяп калган. Ал эми мунун ордуна шаардык интеллигент абышканы койсок, кычыраган костюм-шым кийип, сакал-мурутун тасырайта кырып, же жок эле дегенде Мурза Гапаровдун "…Эшикке баратып, күзгүнүн алдында бир-бирден токтоп өтүш бул үйдүн адаты. Атасы өзүнүн буурул тартып, суюлуп бараткан чачын,

ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com

мойнундагы тырыштарын кабатырлана карап койду” [Гапаров М. Экөө ээн бакта. – Б., – 2009. – 186-б.] деп сүрөттөгөндөй, шаарлыктардын жүрүм-турум, маданият, нравалык-этикасында эле эмес, сырткы көрүнүшү, кийиниши жагынан да өз өзүнчө айырмачылык бар.

Шаарга келген Кодочал шаардыктардын жүрүм-турум, этикасына таң калып, кыжаалаттанат. Бирок чоң атасы небереси айткан «шаардыктар баары эле бузулуп кетиптирби, аларда деле жакшы адамдар бар» деген чындыкка жибийт, анткени чын эле “шаардык” болуп калган уулу Бектен дүнүйө, мансапты баарынан бийик көргөн, ал нерселерди абийир, ыйманын да өйдө койгон “акылгөй” келининин жетегинде калган мажирөө “жазуучу” болуп, анын өзүндөгү кастарлап бийик туткан нарк-насилди алалбаганына өкүнгөн менен, өзүнүн дыйкан досу Сулаймандын баласы жумушчу-депутат Сарыгулдун үй-бүлөсүнүн: келинчеги, кичинекей баласынан бери ыйман-адебине ыраазы болуп, көңүлү көтөрүлөт. Жазуучу бул нравалык өзгөчөлүктөрдү сүрөттөөдө каармандын ички психологиялык абалдарын берүүдө сырткы деталдаштырууну, интерьерди, пейзажды ыктуу пайдалангандыгын көрөбүз .

Кодочалдын түшүнүгүндө жашоонун, абийирдин, намыстын өзөгү – тазалык, адамгерчилик, адеп-ахлактуулук. Ал эми баласынын оюу боюнча (тагырагы келининики, баласы үй-бүлөлүк бийликти ошого өткөрүп берген эмеспи) эл көзүнө көрүнүү, атак-даңк, байлык, мансаптан өткөн абийир, намыс жок. Алардын жеке нравалык баасы да ошого жараша.  Автор бул чыгармасында Сарыгул, Сыдык (философ-окумуштуу) сыяктуу алдыңкы маданияттуу, ахлактуу шаардыктар менен Бектен, Чегиртке, Найман, Шерик, Жаныбек өңдөнгөн пайдакеч, өздөрүнө мещандык нраваны калыптандырып алган “шаардыктарды” карама-каршы коёт. Алардын образын ачууда кыймыл-аракет, жүрүм-турум, кийиминен өйдө элестүү сүрөттөйт. “Уулу эскерткендей, меймандардын дандуусу, урматтуусу Чынтемиров Найман экенин алда качан туйса да, анын тайкылыгы, адепсиздиги чындап ачуусун келтирди. Жасалма жорук, жасалма күлкү күткөн эркекти көп көрсө да, бул сапар Чынтемиров сыяктуу анчалык калп экиленген эркекти биринчи жолу көрүп отургансыйт. Ал ток мышыкча жумшак кыймылдап, көздү сүзө, колду силкип таштап, чыпалагын чычайта ойлоно калат да, кайра эмнегедир жийиркенгендей беш манжасын аппак сүлгү менен улам-сүртүп коёт”. [Асанбек Стамов “Эгиз тал”. – Ф., – 167-б] Атанын так ушул сыяктуу адамга акылдуу, таланттуу, билимдүү деп сыймыктанган баласынын көз каранды болуп, адамдык кудуретинин басынганына кайыл экенин көрүп, күйгөнүнөн жан дүйнөсү жабыркайт. Ушул сыяктуу каармандардын образдарын түзүүдө автор адамдын сырткы көрүнүшүнө жана ички туюмдарына кайрылуу менен, ал аркылуу моралдык-нравалык потенциалдарын көркөм иликтөөгө алат.

Мурза Гапаровдун “Күнөстүү арал” повестинде да мезгилдин урбанизацясына тушуккан өзүмчүл, мансапколук, тыш көрүнүшү кынтыксыз көркөм, жашоо шарты да өтө “маданияттуу” бирок жан дүйнөсүн чер баскан айрым шаар адамдарынын нравалык-этикалык түшүшүнүктөрүн жаратылыштын ченемсиз кооздугуна ээ болгон, жан-жаныбарлар менен жанаша жашаган “караңгы” Арстанбаптыктардын нукура, жөнөкөй, таза жашоолору жана ага карата адептик түшүнүктөрүн салыштыруу менен сүрөттөөгө алат. Шаар менен элетти байланыштыруучу каарман – Жаңыл. Жаңыл дээринен сезимтал, ыйманы таза кыз.

Автордун бул чыгармадагы көркөм каражаттагы жаңы табылгасы: кыял↔түш ↔чындыкты жуурулуштуруп, реалдуулукка айландыргандыгы. Арыстанбапта Жаңыл үчүн чытырман жаңгак токою, аралашып жүргөн жан-жаныбары, сайраган куштары өзүнчө эле экзотика. Анда жашап, эч оорубаган, эч кылмыш кылбаган жергиликтүүлөрдүн өз ара карым-катыштары не бир аруулуктун, табийгыйлыктын, боорукерликтин үлгүсү катары көрүнөт.  Айкыз чоң энеси менен бакма баласы Алишер жашаган үй шаарлыктардын үйүнө караганда өтө эле жөнөкөй, бирок таза жана табийгый. Ошондой жан дүйнөсү аруу, адеп-ахлагы таза, адамгерчиликтүү адамдар турган жерден жан-жаныбар канаттуу куштар да качпайт экен. Жаңыл тыйын чычкан менен ой бөлүшөт, күкүк менен үн алышат. Жадагалса, анын чоң энеси арстан менен да көнүшүп алган. Демек, жазуучунун бул чыгармасында дагы бир өзгөчөлүгү кыялый болсо да “жакшылыкка жакшылык” деген улуу философияны жаратылыш ↔ адам ↔ жан-жаныбардын гармониясы менен көркөм сүрөттөгүндө. Жаңыл чынында ушундай жерди, ушундай адамдарды эңсеп келген эле. Бирок Абдыганы Эркебаев айткандай: “...алыскы Арыстанбапта деле идеялдуу турмуш жок экен, анда деле карама каршылыктар, өйдө-ылдыйлыктар бир сөз менен айтканда чыныгы турмуш сүрүп жатыптыр” [Эркебаев а. Чыныгы жана кыялый дүйнөлөр.// Кыргызстан маданияты, 1986, 20-март] Мисалы шаарды, мансапты эңсеген бекерпоздукка көнгөн Осмон жана сержант Серкебаев. Осмон арыстанбаптыктардын оорубаганына кейийт, а сержант Серкебаев кылмыш жок экенине нааразы болот. Жаңыл менен булардын кыска диалогу аркылуу жазуучу дил тазалыгы менен өзүмчүлдүктү, түркөйлүктү карама-каршы коёт да, адамдын түрдүүлүгүн: бири тазалыкты эңсеп, адамдардын жакшылыгын ойлоп, бири бири менен ырашкерликте, түшүнүүчүлүк менен жашап, оору, кырсыктан алыс болгонуна жетине албай турса, экинчилери жеке кызыкчылыгын көздөп алардын ооруп турушун эңсеп, же алар кылмыш жасап, кесепеттерге туш болуп, анан аны жөндөгөнү үчүн кызматтан жогорулашты каалайт... Ушундай карама-каршылыктарды сырткы конфликтсиз эле ички ой-туюмдар аркылуу окурманга тааныштырат. Арыстанбаптыктардын дагы бир Жаңылга жаккан жери алардын адеп-ахлактык тазалыгы. Ал чечинип, булакка жуунуп жатканда, кокусунан Алишер келип калып, аны таңыркап турганын

көрүп, коркуп кетип, чаңырганда “Ал өзү Жаңылдан бетер коркуп кетти, чымын-куюн болуп качып жөнөсө болобу. Жаңыл көпкө чейин селейип карап калды. “Жок, – деди анан ал өзүнчө мулуюп, – биздин бул жерде мындайга бара алышпайт. Эң эле жаман кишибиз дагы...” [Гапаров М. Экөө ээн бакта. – Б., – 2009. – 219-б.] (аталган китепте, 219-б) Ошондой эле сүйүүгө да алар башкача, табийгый карайт. Айдар аны чын пейилден сүйүп, үйлөнүүнү сунуш кылса, ал эми “шаардык” Искендердин өзүнүн жеке кызыкчылыгы үчүн эле мамиле кылганын билип, анын адепсиз окуясын көргөндөн соң, баарынан көңүл кайт болуп, өзү эңсеген акактай таза ыймандуу, карапайым, жөнөкөй адамдары бар Арыстанбабына жол тартат. Автор бул чыгармасында урбанизациялашып бараткан шаардын нравасына сын көз караш менен карап, адам балсынын жан дүйнөсүндө ар биринин таза, табийгый, бийик ахлактуу арыстанбабы болушуна чакырат. “Жазуучунун чыгармачылык индивидуалдуулугу анын турмуш көрүнүштөрүнө карата өз алдынча көз карашында жана анын чыгармачылык жалпылоолорунун коомдук мааниге ээ болушунда” [Храпченко М. Творческое индивидуальность писателя.- М: Наука, 1977. 61-б] дегендей, автор бул чыгармасында да өзүнүн сүрөткерлик чеберчилиги менен нрава жөнүндөгү түшүнүктөрдү жалпылап, коомчулукка сунуштайт.

Решат Нури Гүнтекин да ушул сыяктуу коомдук жаңылануунун айрым терс таасиринин натыйжасында үй-бүлөлүк нраванын талкалануусун өзүнүн “Күзгү жалбырактар – Yaprak dökümü, которгон-Р.Т)” деген чыгармасында чагылдырган. Анда негизги каарман Али Риза Бей өзү улуттук нравалуукта тарбияланган, намысты, адеп-ахлак тазалыгын баарынан бийик көргөн, өмүрүнүн аягына чейин өз эмгеги менен адал жашагысы келген балдарынын да ошондой болушун каалаган адам. Өмүр бою Анадолуну кыдырып, мамлекеттик кызматтарды аткарат. Турмуштук жагдайына байланыштуу отуз бештер чамасында үйлөнөт да, беш балалуу болот. Келечекте үй-бүлөнүн жоопкерчилигин алат деген ойдо көп эмгегин Шефкетке жумшайт. Билим алуусуна, иштөөсүнө кам көрөт. Кыздары Фикрет, Лейла,Нежла жана Айшенин да тарбиялуу, адеп-ахлактуу болуп, турмушта туура жана таза жашоосун эңсейт. Бирок акыркы иш жериндеги өзүнүн кызматчылары менен акыйкаттык үчүн тартышуулар болуп, иштен бошоп, пенсияга чыгып, Стамбулга келишет. Чоң шаардын заманбап турмушу... жакырчылык... Кыздарынын атасынын “эскичилдигине” каршы чыгып, заманбап, эркин жашагысы келгени... зайыбы Хайриенин караңгылыгы жана боштугу... үйлөрүнө кирген адепсиз, бирок өзүнүн кызыкчылыгы үчүн өтө «чыйрак» келини Ферхунде... айтор ушулардын баары Али Риза Бейдин ошол мезгилге чейин кастарлаган, кашыктап чогултуп келген таза ахлак, намыстуулук, адилеттүүлүк, адамгерчилик сыяктуу үй-бүлөдөгү салттык эрежени сапырып салып, ал жеңил ойлуулук, адепсиздик, дүнүйөкорлук өңдүү нерселерге алмашып, “ак” менен “каранын” ортосундагы конфликт опегейине жетип, Али Риза атанын трагедиясына айланат.

Гүнтекиндин “Бир жутум суу” деген аңгемесинде да роботтошкон батыш маданиятына карата мындай сүйлөмү бар: “Бири-бирин түшүнүшүп сүйбөгөн, бир-бирине адамдык милдетин аткаруу үчүн гана эптеп мамиле кылган адамдарга толгон дүнүйө мен үчүн жетишсиз нерсе” [Ahmed Kabaklı Türk Edebiyatı. – Istanbul. – 1994. – 694-б.] Чын эле ал чыгармаларында адамдардагы эң улук нерсе – адеп-ахлак экенин, аны жоготсо адамдык касиетин жоготорун турмуштук кырдаалдар аркылуу далилдейт. Бул чыгармасындагы Али Риза Бей менен “Жан ачуудагы” Мүршит Бейдин образында жакындык бар. Бирок Мүршит Бей ахлаксыздыктын ортосунда инсан катары өзүн өзү жоготуусу байкоосуздуктан жүрүп отурса, Али Риза Бей болсо көрүп-билип туруп, чоң шаардын батыш маданиятына таасирленген өз балдарынын адеп тарбиясын эптей албай колдон чыгарып, өкүнүчкө батат.

Баары келини Ферхунденин таасири менен башталат. Ал келгенден кийинки үйдө күндө ичкилик, оюн-күлкү, грамофон, батыш бийи, айтор, булардын баары чоң шаардагы жаштардын түшүнүгү боюнча жаңыча жашоо, эле. Муну кабыл алуу бакыт деп ыйман, адептүүлүк, адамгерчилик, рухий тазалыкты түшүнгөн Али Риза Бей үчүн өтө эле оорго турат. Ал үй-бүлөсүнүн урап, балдары тагдыр шамалына күзгү жалбырактай күбүлүп жаткандыгына жаны ачып “Дарт күчөгөн сайын коркунучтуулугу артып баратат. Менин эшигимди да күч менен ачуунун аракетинде. Эмне менен каршы туруугa болот?.. Лейла менен Нежла «биз да өз каалаганыбыздай жашагыбыз келет. Биз бул тозокто камалып отурууга кандай акыбыз бар?..» деп баш көтөрүүдө. “Тозок” дегени биздин үй, балдарым менин балдарым эместей. Кээ-кээде аларга дартымды айтып, түшүндүрүүгө аракет кылсам, укпаганга мурда эле даярданып алгандай, кулактарынын сыртынан кетирип, сөзүмдү жарымынан калтырышат. Аларга айтмак турсун үнүмдүн барынча кыйкырсам да жетпечүдөй. Үнүмдү угузганга алым жок. Алардын укпаганына канчалык таарынсам да, атамын да ошончолук ичим жанып сүйгөнүмдү сезем. Энең периштедей аял эле, бирок ал да алар тарапка өтүп кетти...” [аталган китепте, 44-б.] деп арманын төгөт кызы Фикретке. Решат Нури Гүнтекиндин “Күзгү жалбырактар” романында таза абийир, бийик нраваны туу туткан негизги типтүү каарман Али Риза Бейдин ахлаксыздыктардын алдында жеңилип, оорукчан-майып болуп, эң аягында айласыз алардын ортосунда калганы өзүнчө чоң трагедия!

Демек, бул иликтөөлөрдөн улам бүгүнкү күндөгү көркөм сөз чеберлеринин, искусство ишмерлеринин бүйүрүн кызытып, ойго салып жаткан ааламдашуу процессиндеги жутулуп, жок болуу маселеси азыр эле эмес, учугу тээ мурдатан башталгандыгын көрүүгө болот.

**КОРУТУНДУ**

Нравалуулук маселеси бүгүнкү күндө жалпы адамзаттык деңгээлдеги актуалдуу маселелердин бири болуп жаткандыктан, анын тектеш адабияттар-

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

дагы, асыресе, кыргыз жана түрк адабияттарындагы көркөм иликтениши илимий талдоого алынып, төмөнкүдөй корутундулар чыгарылды:

1) Адамзаттын келечеги үчүн эң коркунучтуу нерсе – рухтун, нраванын кыйрашы. Жашоодогу гармония да так ошондон бузулуп, жамандыктар, кырсыктар да так ошол нерседен башаталарын жазуучуларыбыз турмуш чындыгын көркөм чындыкка айландыруу менен адам баласына таанытунун аракетинде. Иштин биринчи главасында нравалуулук маселесинин философиядагы, адабияттагы орду аныктап, нравалуулук маселесинин кыргыз, түрк прозасында иликтенүү тарыхы жөнүндө сөз кылынды. Ошондой эле ушул маселени адамзаттык алкакка алып чыккан Ч. Айтматовдун эки чыгармасы да талдого а.лынды.

2) Өскөн Даникеев менен Яшар Кемалдын чыгармаларынын (“Көкөй кести”, “Тоо баяны”, “Каракчы”) мисалында адам менен коомдун жана социалдык абалдын карым-катышы анын нравалуулук маселесине тийгизген таасири жөнүндө анализ жасадык. Натыйжада, тоолук түрктөрдөгү салттык нравалык-моралдык этиканын бекемдигин, анын жеке адам маселесиндеги оң жана терс жактарын көрдүк. Ал эми “Көкөй кестидеги” Мураттын образындагы коомдук моралдык талаптын. анын жекелигине болгон үстөмдүгү жогорку салттык моралдык нрава менен үндөшүп тургансыйт. А негизи кыргыз прозасындагы каармандар нравалык табигыйлыгы, эркиндиги менен айырмаланып турат.

3) Адамдын адам болуу көйгөйүнүн дагы бир талылуу маселеси сүйүү жана үй-бүлө экендигин М. Гапаровдун “Дарыялар шоокуму”, “Кызыл беде”, жана Р. Н. Гүнтекиндин “Боз торгой”, “Жан ачуу” А. Стамовдун “Жусуп адилет” деген чыгармаларын талдоого алуу менен изилденди. Бул чыгармаларында жазуучулар анын оош-кыйыш жактарын андагы нравалуулуктун ролун көркөм чагылдыруу менен адамдарды бул маселеге маани берүүгө чакырат.

4) Ал эми А. Стамовдун “Жол боюнда жалгыз там”, Р. Н. Гүнтекиндин “Күзгү жалбырактар”, М. Гапаровдун “Күнөстүү арал” деген чыгармаларындагы элет жана шаар, андагы нрава маселелерин изилдөө менен эзелтеден ата-бабалардан келаткан каада салт-салт, элдик традициялардын негизинде калыптанган адеп-ахлактын үлгүлүү жактарынын “жаңылануунун” таасиринде шаарда мааниси жоголуп бараткандыгын, же тескерисинче элеттеги өнүгүүнүн шарынан артта калып, патриархалдык түшүнүктөн көтөрүлө албаган түркөйлүктү көркөм чагылдыруу менен канчалык өнүгүүгө дуушар болуп, заманбаптыкка жетсе да улуттук кыртышта калыптанган нравалуулуктун үлгүлөрүн жоготпой кастарлап сактап, аны жаңылык менен жуурулуштура ала жүрүү керектигин эске салат. Ошондой эле элеттин да бүгүнкү өнүгүүнүн шарданынан калбай алга жылуу керектигин эскертет. Бүгүнкү күндөгү ааламдашуу процесси канчалык өнүгүүнүн зарылчылыгын талап кылгандай эле бизге, түрк элдерине, ата-бабаларыбыздан келаткан негизги адептик мыйзамдар: арнамыстуулук, ыймандуулук, абийирдүүлүк, калыстык, түшүнүктүүлүк, руханий тазалык сыяктуу баалуулуктарды сактап калуу зарылдыгы турат!

5) Кыргыз-түрк прозасындагы ушул маселелердин көркөм иликтенишине илимий талдоо жүргүзүүдө аны чечмелөөдөгү жазуучулардын өздүк чеберчиликтери, колдонгон көркөм каражат усулдуктары талдоого алынуу менен алардагы жекелик өзгөчөлүктөр менен айрым жалпылыктар белгиленди.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү публикацияларда чагылдырылган:**

1. Таштемирова, Р. И. Адамзатты акыл-эс, ыйманга чакыруу (Ч.Айтматовдун “Кассандра тамгасы” р боюнча) [Текст] / Р. И. Таштемирова //Түрк элдеринин тили жана адабиятынын актуалдуу маселелери. Ч.Айтматовдун 70 жылдык маарекесине арналган эл аралык илимий-практикалык конференциянын материялдары – Бишкек, 1998. – 186–190-б.

2. Таштемирова, Р. И. А.Стамовдун “Жусуп адилет” повестиндеги нравалуулук маселеринин иликтениши [Текст] / Р. И. Таштемирова // Түрк тилдери жана адабияты. Илимий макалалар жыйнагы. – Бишкек, 2002. – 100–103-б.

3. Таштемирова, Р. И Кыргыз оозеки чыгармачылыгындагы нравалуулук маселесинин иликтениши [Текст] / Р. И. Таштемирова // Н.Бейшекеевдик окуу. – Бишкек, 2002. – 203–206-б.

4. Таштемирова, Р. И. Ч.Айтматовдун “Кыямат” романындагы нравалык-философиялык көз караштын көркөм иликтениши [Текст] / Р. И. Таштемирова //Кыргызская государственность в художественной литературе и публицистике. Озмителевские чтение-2003. – Бишкек, 2004. – 105–112-б.

5. Таштемирова, Р. И. Решат Нури Гүнтекиндин “Боз торгой” романындагы инсан адебинин көркөм иликтениши [Текст] / Р. И. Таштемирова // И. Арабаев атындагы мамлекеттик университетинин жарчысы. – Бишкек, 2011. – 147–150-б.

6. Таштемирова, Р. И. Яшар Кемалдын “Тоо баяны” повестиндеги тоолуктардын жашоо образы, нравалык өзгөчөлүктөрүнүн көркөм чагылдырылышы [Текст] / Р. И. Таштемирова // БГУнун жарчысы. – 2011. – №2(19) – 350–352 б.

7. Таштемирова, Р. И. Кыргыз прозасындагы нравалуулук маселесинин иликтениши. [Текст] / Р. И. Таштемирова // БГУнун жарчысы. – 2011. – .№3(20)

8. Таштемирова, Р. И. Ө. Даникеевдин “Көкөй кести” романындагы ыйман маселесинин көркөм иликтениши. [Текст] / Р. И. Таштемирова //БГУнун жарчысы. – 2011. – №3(20)

9. М. Гапаров менен Р. Н. Гүнтекиндин чыгармаларындагы жаш адамдын нравалуулук жактан калыптанышынын чагылдырылышы. [Текст]/ Р. И. Таштемирова // БГУнун жарчысы. – №1(21) – 2012

10. Таштемирова, Р. И. Нравалуулук маселесинин изилдениш тарыхынан. [Текст] / Р. И. Таштемирова. Нравалуулук маселесинин изилдениш тарыхынан.

11. Таштемирова, Р. И. Түркия адабиятындагы шаар, кыштак маселесинин көркөм сүрөттөлүшү. [Текст] / Р. И. Таштемирова // Научный мир Казакстана – 2012. – №5(45). – 30–33б.

12. Taştemirova R İ Murza Gaparov ve Reşat Nuri Güntekin'in Eserlerinde Genç Kahramanların Karşılaştırılması Text / R. İ. Taştemirova //Kardeş Kalemler Dergisi 69 – 74-78 s.


**Таштемирова Райхан Исмаиловнанын**
**"Кыргыз, түрк прозасындагы нравалуулук маселесинин көркөм иликтениши: жалпылыктар жана айырмачылыктар (ХХ-к, 20-70-ж" деген темадагы: 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** нрава, нравалуулук, мораль, адеп-ахлак, ыйман, абийир, ар намыстуулук, аруулук, түркөйлүк, өзүмчүлдүк, жан дүйнө, көркөм иликтөө, абийир соту, ааламдашуу, коом жана адам, салттык нрава, сүрөттөө чеберчилиги, карама-каршылык, подтекст, шарттуулук.

**Изилдөөнүн объектиси** катары Кыргыз-Түрк прозаиктери Ө. Даникеевдин "Көкөй кести" романы, А. Стамовдун "Жусуп адилет", "Жалгыз там" повесттери, М.Гапаровдун "Кыштакча", "Кызыл беде", "Дарыялардын шоокуму" повесттери, Р. Н. Гүнтекиндин "Боз торгой", "Күзгү жалбырактар" романдары, Я. Кемалдын "Тоо баяны", "Каракчы" повесттери колдонулду.

**Изилдөөнүн максаты.** Кыргыз, түрк адабияттарынын калыптануу жолундагы, анын ичинде кыргыз, түрк прозаларында нравалуулук маселесинин көркөм иликтениши, андагы жалпылыктарга жана айырмачылыктарга илимий жактан талдоо жүрзүү изилдөөнүн негизги максаты болуп эсептелет.

**Изилдөө ыкмалары**: тарыхый-обзордук, тарыхый-салыштырма, адабий-аналитикалык метод жана ыкмалар колдонулду.

**Изилдөөнүн жаңычылдыгы**: Бул илимий иштин жаңычылдыгы кыргыз прозасындагы нравалуулук маселесинин постсоветтик мезгилде algaçk› iret эркин, саясий-идеологиялык көз караштан сырткары иликтенип жаткандыгында; кыргыз прозасындагы нравалуулук маселесин түрк прозасындагы маселелер менен салыштыра карагандыгында; ошондой эле көрсөтүлгөн авторлордун нравалуулук маселесин көркөм иликтөөдөгү идеясы, көркөмдүк табылгалары, аны ишке ашырууда турмуш чындыгын көркөм чындыкка айландырууда кандай формаларды, каражаттарды колдонгондугун, жана авторлордогу жекеликтер менен катар айрым жалпылыктарды илимий анализге алгандыгы;

**Колдонуу чөйрөсү**: Көркөм адабияттагы нравлуулук маселесинин негизги касиетин аныктоочу мазмундук, мотивдик өзгөчөлүгүн классификациялоодо, аныктама-мүнөздөмөлөрдү берүүдө филологиялык, философиялык окутууларда, кыргыз-түрк адабиятын окутууда пайдаланса болот

**РЕЗЮМЕ**
**диссертационного исследования Таштемировой Райхан Исмаиловны «Художественные искания проблем нравственности в кыргызской и турецкой прозе: сходства и различия» на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности: 10.01.01-кыргызская литература**

**Ключевые слова**: нравственность, нравственные проблемы, мораль, эгоизм, совесть, честь, достоинство, духовная чистота, безнравственность, эгоизм духовный мир, художественное искание, суд совести, глобализация, человек и общество, воспитание личности, традиционная нравственность, человечество, современность, художественное мастерство, противоположность, подтекст, условность.

**Объектом исследования** являются произведения кыргызских и турецких прозаиков: роман О.Даникеева «Кокой кести»; повести А.Стамова «Жусуп адилет», «Жалгыз там»; повести М.Гапарова «Кыштакча», «Кызыл беде»; романы Р.Н.Гюнтекина «Боз торгой», «Кызыл жалбырактар»; повести Я.Кемаля «Тоо баяны», «Каракчы».

**Цель исследования:** рассмотрение этапов становления и развития кыргызской и турецкой прозы, научное установление сходств и различий в художественном искании нравственных проблем в кыргызской и турецкой прозах.

**Методы исследования:** обзорно-исторический, сравнительно-исторический, литературно-аналитический методы.

**Новизна исследования** состоит в том, что впервые в постсоветское время рассматриваются нравственные проблем кыргызской прозы свободно, конструктивно, вне политико-идеалистических взглядов диктата. Кроме того, впервые сравниваются проблемы нравственности в кыргызской и турецкой прозах, выявляются идеи художественных исканий нравственных проблем кыргызских и турецких авторов; рассматриваются художественные открытия авторов и их реализация, перевоплощения жизненных реалий в художественные посредством использования необходимых форм и средств языка; делается научный анализ личностных и некоторых объединяющих черт, присущих авторам произведений.

**Практическая значимость** диссертационной работы состоит в том, что ее результаты можно использовать при выявлении общих черт и различий в литературе родственных языков, при определении места и роли проблем нравственности в художественной литературе, а также при ознакомлении с творчеством писателей, при классификации содержательной и мотивационной специфики проблем нравственности в художественной литературе; при сравнительной характеристике кыргызской и турецкой литературы.


**SUMMARY**

**Tashtemirova Rayhan Ismailovna**

**"The Artistic Analysis of Moral Issues in Kyrgyz and Turkish Prose Works: Similarities and Differences"**

***The thesis is submitted to confer the scholarly degree of candidate of philology. Specialty: 10.01.01- Kyrgyz Literature***

**Key words:** *morals, moral issues, morality, manners, pious (religious), conscience, devoutness, moral purity, illiteracy (ignorance), selfishness, spiritual (inner) world, artistic analysis, conscience council, globalization, society and a human, human manners, traditional morals and manners, mankind, modern (contemporary), art of description, contradictoriness, prose, novel, implication, conditionality.*

**The object** of the thesis comprises series of works of Kyrgyz and Turkish prose writers of different genres such as: the novel "Kokoy Kesti" by O. Danikeev; novelettes "Jusup Adilet", "Jalgyz Tam" by A. Stamov, "Kyshtakcha", "Dariyalardin Shookumu" by M. Gaparov; the novels by R.N. Guntekin "Boz Torgoy", "Kuzgu Jalbyraktar"; the novelettes "Too Bayani", "Karakchy" by Y. Kemal.

**The aim of the thesis** is to conduct scientific analysis on revealed similarities and differences of moral issues in Kyrgyz and Turkish literature, more exactly in Kyrgyz Turkish prose works in the process of their development and artistic analysis.

**The methods used in the thesis:** historical and survey, historical and comparative, literary analytical methods.

**The novelty of the thesis** is that the moral issues in Kyrgyz prose works have been researched from a quite new constructive point of view in a post soviet period, which is free from political and ideological views of dictation;

Moral issues in Kyrgyz prose works have been researched in comparative way with those in Turkish prose works.

Likewise, the idea and artistic findings of moral issues in the prose works of mentioned authors have been studied, variety of methods and forms in the process of transformation of life reality into an artistic reality also have been described. Along with personal features that are typical for every author, some other similarities (general features) in their works have also been scientifically researched.

**Application environment:** As the present study is devoted to parallel consideration of moral problems in Kyrgyz and Turkish prose works, it will contribute to reveal definite similarities and differences of literary views in cognate languages; determine the role of moral issue in a literary work. Likewise, the artistic analysis of moral issues enables to recognize and get introduced with different situations in the process of its consideration together with the art and skillfulness of authors' methods. The most significant feature of studying moral issues in literary work is its content, classification of its motivating peculiarities, along with definition and characteristic features that can be useful in teaching philology, philosophy and also teaching Kyrgyz and Turkish literature.